USAID
FROM THE AMERICAN PEOPLE

БИЛИМДИ БААЛОО ЖАНА ОКУТУУ УСУЛДАРЫ БОРБОРУ
ЦЕНТР ОЦЕНКИ В ОБРАЗОВАНИИ И МЕТОДОВ ОБУЧЕНИЯ
CENTER FOR EDUCATIONAL ASSESSMENT AND TEACHING METHODS

Бул проект АКШнын Эл Аралык Өнүктүрүү Агентствосу (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин берешен жардамы менен чыгарылды.
Проект осуществляется при финансовой поддержке, предоставленной американским народом через Агентство США по международному развитию (USAID).

# 2011-ЖЫЛДАГЫ ЖАЛПЫ РЕСПУБЛИКАЛЫК ТЕСТИРЛӨӨНҮН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН ГРАНТТЫК ЖАНА КОНТРАКТТЫК ОРУНДАРЫНА КАБЫЛ АЛУУНУН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Билимди баалоо жана окутуу усулдары борборунун отчёту



www.testing.kg
Бишкек – 2011

БИЛИМДИ БААЛОО ЖАНА ОКУТУУ УСУЛДАРЫ БОРБОРУ
ЦЕНТР ОЦЕНКИ В ОБРАЗОВАНИИ И МЕТОДОВ ОБУЧЕНИЯ
CENTER FOR EDUCATIONAL ASSESSMENT AND TEACHING METHODS

Бул проект АКШнын Эл Аралык Өнүктүрүү Агентствосу (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин берешен жардамы менен чыгарылды.
Проект осуществляется при финансовой поддержке, предоставленной американским народом через Агентство США по международному развитию (USAID).

# 2011-жылдагы Жалпы республикалык тестирлөөнүн жана Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын гранттык жана контракттык орундарына кабыл алуунун жыйынтыктары

## Билимди баалоо жана окутуу усулдары борборунун отчёту

www.testing.kg

УДК 378
ББК 74.58
Э 37

Э 37 2011-жылкы Жалпы республикалык тестирлөөнүн жана Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын гранттык жана контракттык орундарына кабыл алуунун жыйынтыктары: Билимди баалоо жана окутуу усулдары борборунун отчету. – Б.: 2011. – 120 б

ISBN 978-9967-448-44-5

Э 4309000000-4

УДК 378
ББК 74.58

ISBN 978-9967-448-44-5

Кымбаттуу окурмандар!

Сиздердин көңүлүңүздөргө Билимди баалоо жана окутуу усулдары борборунун (ББОУБ) кезектеги 2011-жылкы Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары тууралында жылдык отчетун сунуш кылабыз. Биз аны колубуздан келишинче маалыматтуу кылып, бардыгыңыздарга: билим берүү кызматкерлерине, адистерге, ата-энелерге жана абитуриенттерге кызыктуу боло турган маалыматтарды сунуштоого аракет кылдык.

Он жылдан бери Кыргыз Республикасынын ЖОЖдоруна өтүү үчүн Жалпы республикалык тестирлөө жүргүзүлүп жатат. Ошентип, биздин өлкөбүздө жаштарга өздөрүнүн билиминин жана жөндөмүнүн аркасы менен ЖОЖдорго өтүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү көзкарандысыз тестирлөө өткөрүлүп жаткандыгына мына эми он жыл болуп калды.

Долбоорду ишке ашыруу өлкөнүн Президенти, Билим берүү жана илим министирилиги, жер-жерлердеги билим берүү башкармалыктарынын колдоосу жок мүмкүн болмок эмес. Биз аларга өз алкышыбызды айтабыз. Ошондой эле ББОУБнун жамааты мектептердин жетекчилигине жана мугалимдерине Жалпы республикалык тестирлөөнү өткөрүүдөгү жардамы үчүн ыраазычылык билдирет.

ББОУБнун жамааты ага жүктөлгөн жогорку жоопкерчиликти түшүнүп, ата-энелердин, абитуриенттердин жана коомчулуктун ишенимин актагангa бардык аракетти жасайт. Биздин ишибиздин принциптери болуп дайыма калыстык, чынчылдык, ачыктык жана көзкарандысыздык эсептелген.

Урматтоо менен,



Инна Валькова
Билимди баалоо жана окутуу усулдары
борборунун директору
Бишкек,
Тыныстанов көч. 98, тел.: (0312) 66-48-38
e-mail: ceatm@ceatm.elcat.kg

Отчеттун үстүндө иштегендер:
Инна Валькова
Константин Титов (Тиркеме I-VII)
Чынар Батракеева
Мээрим Кадырова

Редакторлор: Наталья Наумова, Мээрим Кадырова
Техникалык редактор: Коной Үсөнов

Кыргыз тилине которгондор: Рахат Мажитова, Чынар Батракеева (бөлүм 1-8), Коной Үсөнов (Тиркеме I-VIII).

1. Долбоордун тарыхы ............................................................................................................ 5
2. Тестирлөөнүн көз карандысыздыгы ............................................................................ 10
3. Кесипкерлик ...................................................................................................................... 11
4. Тест система катары ......................................................................................................... 15
5. Предметтик тесттер .......................................................................................................... 18
6. Тест кандай жол менен жана ким тарабынан түзүлөт? .............................................. 18
7. Маалыматтык кампания ................................................................................................... 20
8. Каттоону жана тестти өткөрүү процесси ....................................................................... 22
9. Кабыл алуу процесси .......................................................................................................... 25
10. 2011-жылдагы Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары ....................... 29

I - тиркеме..........................................................................................................33
Кыргыз Республикасынын областтары боюнча 2011-жылдагы Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгынын гистограммалары.

II - тиркеме..........................................................................................................43
2011-жылдагы тестирлөөдө уландар жана кыздардын негизги тест жана негизги тесттин бөлүмдөрү боюнча көрсөткөн жыйынтыктары

III - тиркеме..........................................................................................................49
2011-жылдагы Жалпы республикалык тестирлөөгө катышкан жана жогорку окуу жайларга өткөн абитуриенттердин мектеп категорияларына жараша бөлүштүрүлүшү

IV - тиркеме..........................................................................................................51
ЖОЖдордогу гранттык жана контракттык орундарга кабыл алынган абитуриенттердин Кыргыз Республикасынын райондоруна карата бөлүштүрүлүшү

V - тиркеме..........................................................................................................55
Кабыл алынган абитуриенттердин Кыргыз Республикасынын ЖОЖдору жана райондору боюнча бөлүштүрүлүшү

VI - тиркеме..........................................................................................................77
Кыргыз Республикасындагы ЖОЖдордун гранттык орундарына алуу конкурсунун жыйынтыктары боюнча түзүлгөн рейтинги. КРнын жогорку окуу жайларынын адистиктеринин рейтинги

VII - тиркеме..........................................................................................................93
ЖОЖ адистиктеринин контракттык орундарга кабыл алуунун жыйынтыктары боюнча түзүлгөн рейтинги

VIII - тиркеме..........................................................................................................111
КР ЖОЖ адистиктеринин жалпыланган рейтинги. Гранттык жана контракттык орундар.
(Адистиктер абитуриентердин орточо баллдарынын көрсөткүчтөрүнө жана кабыл алынган абитуриенттердин санына жараша сорттолгон)

## 1. Долбоордун тарыхы

Жалпы республикалык тестирлөө өткөрүү демилгеси Кыргыз Республикасында 2002-жылдын январь айында билим берүү тармагын реформалоо планын иштеп чыккан Билим берүү жана маданият министирлиги тарабынан көтөрүлгөн. Аталган планда жогорку жана орто билим берүү системасын башкарууну реформалоо, мугалимдерди даярдоого каражат бөлүү, жогорку билим берүү системасын көзөмөлдөө үчүн Камкорчулар кеңешин (Совет попечителей) түзүү жана Көз карандысыз тестирлөө уюмун (ККТУ) түзүү маселелери каралган. Республикабыздын жогорку окуу жайларына мамлекеттик грант менен окууга өтүүнү каалган бүтүрүүчүлөрдү ачык тестирлөө − ККТУнун  максаты болгон. Буга байланыштуу Кыргыз Республикасынын өкмөтү тестирлөө демилгесин колдоп берүү өтүнүчү менен  АКШнын өкмөтүнө кайрылган.

АКШнын өнүгүү боюнча эл аралык агенттигинин (ЮСАИД) каржылоосу менен, Американын эл аралык билим берүү боюнча Кеңеши (АКСЕЛС) тарабынан өткөрүлгөн тестирлөө төмөнкү негизги үч максатты көздөгөн:

- бара-бара баалоонун заманбап усулдарын жана принциптерин (психометрия, теңдөө ж.б.у.с.) колдонуу менен сапаттуу тестирлөө жүргүзө ала турган жергиликтүү профессионалдуу тест уюмун түзүү;
- баалоо системасын чечкиндүү түрдө реформалоо;
- ЖОЖдордогу бюджеттик орундарда окуй турган жаштарды аныктай турган стандартташтырылган тестирлөө жүргүзүү менен жогорку билим берүү системасындагы коррупцияга каршы күрөшүү.

ККТУну жаштардын алган академиялык билими менен ар түрдүү жөндөмдөрүн, реформалоонун ар түрдүү билим берүү системасынын эффективдүүлүгүн баалоо боюнча бир катар кызмат көрсөтө турган көз карандысыз баалоо уюму катары түзүү пландаштырылган.

2004-жылы мындай уюм түзүлүп, катталган. Ал − Билимди баалоо жана окутуу усулдары борбору (ББОУБ). Бул уюм мамлекеттик жана коммерциялык ишкана эмес. Анын курамында ACCELSтин карамагындагы, т.а. «Жалпы республикалык тестирлөө» проектиси боюнча иш алып барган адистер бар.

Он жылдан бери Жалпы республикалык тестирлөө Жогорку окуу жайларына чыныгы таланттуу балдардын өтүшүн камсыз кылып, кирүү экзамендериндеги жагымсыз жагдайлардын жолуна бөгөт  коюунун куралы болуп келүүдө.

1-таблицада 2002-2011 - жылдардагы Жалпы республикалык тестирлөө жөнүндө кыскача маалымат берилген.

### Жалпы Республикалык тестирлөөгө - 10 жыл

2011-жылы Жалпы Республикалык тестирлөө 10-жолу өткөрүлдү.

Он жылдын ичинде Жалпы Республикалык тестирлөө аркылуу өлкөбүздүн жогорку окуу жайларына өтүүнү каалаган **326 134** адам өттү. Алардын ичинен **48 428** адам окуу жайлардын гранттык орундарына кабыл алынган.  Гранттык орундарга кабыл алынгандардын **67.12%** айыл жерлерден окууну бүтүргөн  абитуриенттер  түзөт, ал эми **32.88%** - Бишкек шаарынан жана кичи шаарлардан  окууну бүтүргөн абитуриенттер.

Жалпы Республикалык тестирлөөнүн  10-жылдын ичиндеги өнүгүү динамикасы төмөндөгүдөй:

### 2002-жыл

Кыргызстанда тестирлөө киргизилген биринчи жыл. Бул жылы өзүнө 3 бөлүмдөн турган негизги тест түзүлгөн:

- Математикалык бөлүм - 40 тест тапшырмасын камтыйт
- “Текстти окуу жана түшүнүү” – 30 тест тапшырмасын камтыйт
- “Эне тилдин практикалык грамматикасы” – 30 тест тапшырмасын камтыйт.

**2003 –жыл**

- Негизги тестке 30 тапшырмадан турган "Окшотуктар жана сүйлөмдөрдү толуктоо" бөлүмү киргизилди.
- "Жалпы республикалык тестирлөө" долбоору тарабынан жогорку окуу жайлардын муктаждыктарынын негизинде жана КР Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу менен химия, биология, англис жана немис тилдери боюнча предметтик тесттер иштеп чыгарылды.
- Ар бир тестке катталган абитуриент үчүн кыргыз, орус жана өзбек тилдеринде "Жалпы республикалык тестирлөөгө даярданабыз" аттуу акысыз китепчелер даярдалды.
- Билим берүү жана илим министрлиги менен биргеликте тестирлөөнүн ар бир катышуучусуна ЖРТнын сертификатын тапшыруу системасы киргизилди. Сертификат менен айырма талондорду пайдаланууда жогорку окуу жайларга кабыл алуу процедурасы кыйла жакшырды.
- КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан өлкөбүздөгү абитуриенттердин жашаган жана окуган шарттарынын бирдей эместигин эске алган квоталаштыруу системасы киргизилип, бүт мектептер 3 категорияга бөлүндү. Тигил же бул категорияга тийиштүү тестирлөөнүн катышуучуларынын сертификаттары түсүнө жараша айырмаланып, жогорку окуу жайлардын гранттык орундарына конкурс ар бир категория үчүн өзүнчө өткөрүлө баштады.
- Жалпы республикалык тестирлөөгө абитуриенттер даярдануу үчүн негизги тест боюнча кыргыз жана орус тилдеринде колдонмолор даярдалып, чыгарылды.

**2004-жыл**

- Билимди баалоо жана окутуу усулдары борбору тарабынан Жалпы республикалык тестирлөөгө абитуриенттер даярдануу үчүн кошумча предметтик тесттер (химия, биология, англис жана немис тили) боюнча кыргыз жана орус тилдеринде колдонмолор даярдалып, чыгарылды.
- Билим берүү жана илим министрлиги Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын гранттык эле эмес, контракттык орундарына да ЖРТнын негизинде кабыл алуу системасын киргизип сынап көрдү.

**2005-жыл**

- Бул жылы негизги тесттин математикалык бөлүмү кайрадан иштеп чыгарылып, ар бир бөлүм 30 тест тапшырмаларынан турган 2 бөлүмдү түздү.
- ББОУБ тестке даярдануу үчүн негизги тест боюнча колдонмолордун 2-чи жакшыртылган басылмасын иштеп чыкты.

**2006-жыл**

- Тестирлөөгө катоонун "кечиккен катоо" процедурасына өзгөрүүлөр киргизилди.
- 2006-жылдан тартып, ББОУБ жаңы "кошумча катоо" процедурасын киргизди. Киргизилген жаңылык абитуриенттердин жана алардын үй-бүлөсүнүн финансылык каражаттарын кыйла үнөмдөөгө мүмкүнчүлүк бергендиктен, бул процедура коомчулук тарабынан оң бааланды.

**2010-жыл**

- ББОУБ Билим берүү жана илим министрлигинин заказы менен тарых жана физика предметтери боюнча кошумча предметтик тесттерди иштеп чыкты.
- Негизги тест жана предметтик (химия, биология, англис жана немис тилдери) тесттер боюнча тестирлөөгө даярдануу үчүн колдонмолордун 3-чү басылмасы иштеп чыгарылды.
- ББИМ тарабынан ар бир абитуриент мамлекеттик жогорку окуу жайларга тапшыруу үчүн милдеттүү түрдө негизги тестти жана тандаган адистигине жараша бирден кем эмес предметтик тестти тапшыруусу керек деген эреже киргизилди.
- 50% контракттык орундарына мамлекеттик жогорку окуу жайлар Жалпы Республикалык тестирлөөнүн катышуучуларын милдеттүү түрдө кабыл алуусу эреже катары киргизилди.

**2011-жыл**

- Немис тили боюнча предметтик тестти тапшырган абитуриенттердин саны жылдан жылга азайып жаткандыгынан, немис тили боюнча тест кошумча тесттердин арасынан алынып салынды.
- ББОУБ ЖРТга даярдануу үчүн колдонмолорду кайрадан карап, иштеп, басмадан чыгарды.
- Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу менен мамлекеттик жогорку окуу жайлардын (менчиктигине карабастан) гранттык жана контракттык орундарына тапшыруу үчүн ар бир абитуриент ЖРТны тапшыруу керек болгон эреже киргизилди.




Ошону менен Билим берүү жана илим министрлиги “Жогорку окуу жайларга кабыл алуу Жалпы Республикалык тестирлөөнүн негизинде аткарылат...” деп жазылган Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамынын 40-беренесин толугу менен аткарууга жана дагы жогорку окуу жайлардын бюджеттик гана эмес, контракттык орундарына да кабыл алуудагы коррупцияга каршы дагы бир кадам жазады.

1 таблицада Жалпы Республикалык тестирлөөнүн 2002-2011 жылдарга чейинки кыскача маалымат камтылган.

**Таблица 1.**

**Кыргыз Республикасы. Жалпы республикалык тестирлөө (ЖРТ) 2002-2011 жж.**

| Жыл | ЖРТга катышкан-дардын саны | Кыргызстандын ЖОЖдорундагы гранттык орундарга кабыл алынгандардын саны* | Айыл мектептеринен кабыл алынган абитуриенттер (в %%) | ЖРТга катышкан-дар. Тест баллынын орточо көрсөткүчү | Кабыл алынган абитуриенттер. Тест баллынын орточо көрсөткүчү | Кабыл алынган абитуриенттердин КРнын областтары боюнча бөлүштүрүлүшү | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | Баткен | Бишкек ш. | Жалал-Абад | Ыссык-Көл | Нарын | Ош | Талас | Чүй |
| 2002 | 13807 | 5000 | 66.0 | 100.2 | ---** | ---** | ---** | ---** | ---** | ---** | ---** | ---** | ---** |
| 2003 | 35247 | 4626 | 63.9 | 114.2 | 146.4 | 406 | 659 | 664 | 513 | 475 | 986 | 280 | 643 |
| 2004 | 39284*** | 5204 | 61.5 | 122.4 | 152.6 | 294 | 958 | 699 | 663 | 535 | 1066 | 293 | 696 |
| 2005 | 33372 | 5368 | 61.9 | 112.7 | 145.0 | 394 | 990 | 815 | 651 | 557 | 1023 | 315 | 623 |
| 2006 | 33400 | 4962 | 65.6 | 113.9 | 143.5 | 380 | 795 | 808 | 641 | 550 | 937 | 257 | 594 |
| 2007 | 34225 | 4787 | 70.8 | 114.6 | 143.7 | 362 | 715 | 784 | 639 | 557 | 900 | 233 | 597 |
| 2008 | 33431 | 4988 | 69.7 | 114.9 | 140.6 | 420 | 777 | 792 | 670 | 605 | 915 | 276 | 533 |
| 2009 | 33579 | 4929 | 69.4 | 114.0 | 139.9 | 431 | 686 | 827 | 644 | 594 | 943 | 240 | 564 |
| 2010 | 30264 | 4472 | 71.9 | 113.5 | 134.9 | 340 | 679 | 726 | 597 | 575 | 851 | 208 | 496 |
| 2011 | 39525*** | 4092 | 70.5 | 111.3 | 137.8 | 377 | 670 | 661 | 539 | 563 | 798 | 118 | 366 |
| **Баардыгы:** | `326134 | 48428 | | | | | | | | | | | |

* -Кабыл алуу боюнча Кыргыз Республикасынын ЖОЖдор тарабынан берилген маалыматтар

** - Кабыл алуу боюнча деталдуу малымат берилген жок

*** - 2004 жана 2010-жылдары КР Билим берүү жана маданият министирлиги ЖРТнын жыйынтыгы менен ЖОЖдордун бюджеттик жана контракттык бөлүмдөрүнө кабыл алууну милдеттендирди

2003-2011-окуу жылы ЖРТга катышкан 633 окуучу «Алтын сертификатка» ээ болду

## Жалпы республикалык тестирлөө Кыргызстанга кандай пайда алып келет?

Эң негизгиси – материалдык абалына, социалдык статусуна жана Кыргыз Республикасынын ичинде жашаган жерине карабастан, **чыныгы күчтүү абитуриенттерге** ЖОЖдорго тапшырууга мүмкүнчүлүк түзүү. Мындан тышкары:

- мугалимдерди жана окуучуларды мотивациялоо, анткени мектеп директорлорунун арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун натыйжасында акысыз жогорку билим алуу мүмкүнчүлүгү мугалимдердин ишмердүүлүгүнүн артышына жана окуучулардын окуусуна стимул бергени белгилүү болгон;
- бүтүрүүчүлөрү ЖОЖго өткөн мектептердин санынын көбөйүшү;
- ЖОЖдордо алыскы райондордон келген студенттердин санынын көбөйүшү;
- абитуриенттерди ЖОЖдорго ачык-айкын кабыл алуу;
- коомчулуктун ишениминин артышы, жашоодо оң өзгөрүүлөргө үмүт жана мүмкүнчүлүк берүү;
- билим алуунун негизги куралы катары окуунун маанилүүлүгүнө басым жасоо, себеби текстте окуучунун окуп түшүнүүсүн текшерүүгө багытталган бөлүк бар;
- окуучунун математика, эне тил, химия, биология, физика, тарых жана чет тили боюнча алган билимдерин **колдоно билүүсүн** текшерүүгө басым жасоо, себеби тестте фактыларды көрсөтүп берүүгө эмес, алган билимди колдоно билүүгө басым жасалат;
- заманбап билим алуунун куралы болгон окуу, жазуу ж.б. менен катар эле математикалык билимдердин баалуулугуна басым жасоо.

> *Жалпы Республикалык тестирлөө мыктылардын эң мыктысын тандоого, окуучуларды шыктандырып, алардын билимине жана эмгегине дем берүүгө мүмкүнчүлүк берет. Быйыл биз ЖРТнын 10-жылдыгын өткөрүп жатабыз. Он жылдан бери Жалпы республикалык тестирлөө аркылуу 350 миң окуучулар өткөн. КМШ өлкөлөрүнүн арасынан биздин Республикабыз бул тестирлөөнү биринчи киргизген. Бул тест бизди башка өлкөлөрдөн алдыда коюп келет. ЖРТ – өлкөбүздүн коррупцияга каршы өнүгүүсүнүн маанилүү бөлүгү, билим берүүнүн Кыргызстандын ар бир жаранына жеткиликтүүлүгүнүн өзөгү.*
>
> **Роза Отунбаева**
> Кыргыз Республикасынын Президенти
> "Алтын сертификат" алган окуучуларды сыйлоо церемониясы. 6 июль 2011 ж.

## 2. Тестирлөөнүн көз карандысыздыгы

Тесттерди түзүп жана аны өткөрө турган тестирлөө уюмунун көз карандысыздыгы өкмөттүк документтерде регламенттелген. Жогорку кызматтагы адамдар менен «телефондук укукка» көз каранды болбогон, ачык жана профессионалдуу деңгээлде жүргүзүлгөн тесттин адилет жыйынтыктарынын жардамы менен ийгиликке жетишкен адамдар тест жыйынтыктарынын объективдүү болушуна кызыктар экендиги шексиз. Бара-бара чынчыл иштөө пайдалуу боло баштады, анткени зарыл болгон иш-аракеттердин так аткарылышы баалоонун тактыгын жана коомчулуктун ишенимин камсыз кылат.

Тестирлөө кызматынын кызматкерлерди бир гана нерсеге – илимдин мыйзамдарына гана көз каранды. Тестирлөө жыйынтыгын жогору кылып көрсөткүсү келген айрым райондор, мектептер же абитуриинттер уюмдун жетекчиси менен катар эле ар бир кызматкерин да кысымга алышы мүмкүн. Мындай кысым күчтүү болушу да мүмкүн, андыктан ачык жана адилеттүү тестирлөөнү максат кылган Борбордун ар бир кызматкери өз кызматын толугу менен так аткаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу зарыл. Борбордун кызматкерлери жана кысым көрсөтө ала турган адамдар бири-бири менен иерархиялык мамиледе болбогон учурда гана мындай мүмкүнчүлүк түзүлөт. Бул учурда кол алдындагы көз каранды адамдарга таасир берүүгө же кысым көрсөтүүгө бөгөт коюлат. Борбордун ар бир кызматкери өз милдеттерин аткарып жаткан учурда өзүн коопсуз сезиши керек. Уюм көз карандысыз болгондо гана коопсуздук ишке ашат.

> *Жалпы республикалык тестирлөө - бул Кыргызстан үчүн эң керектүү долбоор. Биз тестирлөөнү мамлекеттик структуралардан көз карандысыз борбор өткөрүп жаткандыгына Билим берүү жана илим министрлигине жана КР өкмөтүнө ыраазычылык билдиребиз. Бул долбоор Кыргызстандагы азыркы шартында, өзгөчө коррупциянын турмуштун ар бир чөйрөсүнө, анын ичинде билим берүү системасына кирип кеткен учурунда абдан туура киргизилген.*
> *Тестирлөөнүн аркасы менен менин баламдын эмгеги акталып, ал азыр өлкөбүздүн мыкты университеттеринин биринде билим алып жатат.*
>
> **Эрмекова Света**
> 2011 жылы “Алтын сертификат” алган абитуриенттин апасы.

Албетте, тест мамлекеттик саясатка көз каранды болот, анткени, тесттин заказ берүүчүсү – бул өзүнүн талаптары менен өнүгүү мыйзам-ченемдүүлүктөрүнө ээ болгон мамлекет.

Тест күчтүү саясий колдоого муктаж, бирок, уюм жана анын кызматкерлери саясий таймашууларга, саясий күчтөргө жана кимдир бирөөлөрдүн кызыкчылыгын коргоого көз каранды болбошу керек. Алардын милдети – баалоонун мүмкүн болушунча тагыраак куралын иштеп чыгуу, ал эми Жалпы республикалык тестирлөөдөгө карата – абитуриенттердин ЖОЖдордо ийгилктүү окуй алуу жөндөмдүүлүгүн өлчөө. Бул куралдын жардамы менен бардык бүтүрүүчүлөрдүн жөндөмү ата-энесинин материалдык абалына, үй-бүлөсүнүн социалдык ордуна карабастан бирдей текшерилүүгө тийиш.

Бирок, уюмдун көз карандысыздыгын анын эч кимдин алдында жооп бербей тургандыгы жана эч ким тарабынан көзөмөлгө алынбай тургандыгы катары түшүнүүгө болбойт. Жалпы республикалык тестирлөөнү жүргүзүү үчүн Билимди баалоо жана окутуу усулдары борбору тестти жана тестирлөө процессин регламенттештирген нормативдүү документтерге таянат. ЖОЖдорго өтүү конкурсунун жүрүшү жана абитуриенттерди гранттык орундарга кабыл алуунун ыраатты да регламенттештирилген. Тестирлөөнүн максаттарын ишке ашыруу үчүн Билимди баалоо жана окутуу усулдары борбору Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлиги, жергиликтүү билим берүү бөлүмдөрү, мектептер жана ЖОЖдор менен иш алып барат. Борбордун ишин түздөн-түз көзөмөлдөөчү орган болуп, Камкорчулар кеңеши эсептелет. Борбор бул Кеңештин алдында бардык багытта жүргүзгөн иш-аракеттери боюнча отчёт берип, эң маанилүү чечимдерди бирге кабыл алат.

ЖОЖдорго өтүүнүн жаңы системасы – мамлекет менен көз карандысыз уюмдардын билим берүү тармагындагы кызматташтыгынын үлгүсү. Кыргызстан − мамлекетин заказы боюнча

мектеп бүтүрүүчүлөрүн ЖОЖдорго жайгаштыруу иши көз карандысыз, бейөкмөт жана коммерциялык эмес уюм тарабынан жүргүзүлгөн Евразиядагы алгачкы өлкө. ЖОЖдордун ректорлорунун айтуусу боюнча, бул кызматташтыктын натыйжасында бюджеттик негизде окуган студенттердин жетишкендиктери жогорулап, негизгиси – бардыгына бирдей мүмкүнчүлүк берген бул системага болгон ишеним арткан. Студентерди акыйкат жүргүзүлгөн конкурстун негизинде тандоо өз өлкөсүнүн өнүгүүсүнө салым кошо турган жаштардын билим алуусуна мүмкүнчүлүк жаратып, мамлекеттин социалык-экономикалык өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт.

## 3. Кесипкерлик

Тестология – бул педагогика, психология, статистика жана математиканын ыкмаларын камтыган татаал илим. Өнүккөн өлкөлөрдө бул жөн гана мезгил-мезгили менен тигил же бул предмет боюнча тест түзүүгө чакырылган билермандардын иши эмес, атайын даярдыктан өткөн чыныгы кесипкер адамдардын иши болуп эсептелет. Тилекке каршы ондогон жылдар бою тестология тең укуктуулук идеясына туура келбеген буржуазиялык илим катары каралып келген. Бул жылдар аралыгында Европа жана Америка изилдөөчүлөрү тарабынан объективдүү мыйзамдар ачылып, натыйжалуу теориялар иштелип чыккан. Тестология узак жана татаал жолду басып өттү. Эгер бул илимдин натыйжаларын туура колдонсок, биз бул жолду жеңилирээк жана кыска убакытта басып өтө алабыз. Бирок, мыйзамдар эске алынбаса же бузулса, теориялар туура колдонулбаса, биздин жолубуз татаал гана болбостон, жаңылыш да болуп, ал эми жыйынтыктар чындыктан алыс болушу мүмкүн. Тест түзүү үчүн тестология маселелери менен тааныш болбогон адамдар чакырылып, **тапшырмалардын натыйжалуулугуна** аз көңүл бурган ыкмалар колдонулганда биз жогоруда сөз кылган абал түзүлөт.

Вариант: XX **MathYY**

коэффициент дискриминации задания: 0.32

| метка задания | балл | число ответивших | число ответивших (в %) | корреляция Pt_Bis |
|---|---|---|---|---|
| А | 0 | 674 | 18.28 | -0.20 |
| Б | 1 | 1948 | 52.82 | 0.32 |
| В | 0 | 518 | 14.05 | -0.19 |
| Г | 0 | 483 | 13.10 | 0.00 |
| нет ответа | 0 | 65 | 1.76 | -0.13 |

всего ответивших: 3688

Вариант: XX **MathZZ**

коэффициент дискриминации задания: 0.50

| метка задания | балл | число ответивших | число ответивших (в %) | корреляция Pt_Bis |
|---|---|---|---|---|
| А | 0 | 512 | 13.88 | -0.19 |
| Б | 0 | 303 | 8.22 | -0.13 |
| В | 0 | 1493 | 40.48 | -0.24 |
| Г | 1 | 1315 | 35.66 | 0.49 |
| нет ответа | 0 | 65 | 1.76 | -0.14 |

всего ответивших: 3688

Тапшырманын психометриялык талдоосунун фрагменти

Бул учурда тестти талдоо сынак берип жаткан адамдын тапшырамаларды канчалык деңгээлде ийгиликтүү аткарып жатканын текшерүү менен гана чектелип, тесттин жалпы натыйжалуулугу жана анын ар бир тапшырмасынын натыйжалуулугу көз жаздымда калат, психометриялык мүнөздөө өңүтүнөн тишелүү деңгээлде изилденбей калат. Көпчүлүк учурда мындай тесттерде тапшырманын татаалдыгы, бөлүштүрүлүшү, варианттарынын параллелдүүлүгү, ишенимдүүлүгү, тактыгы жана валиддүүлүгү көз жаздымда калат.

Тактап айтканда, тест түзүүчүлөр «чынында тест керекттүү нерсени текшерип жатабы, маанилүү чечим кабыл алуу үчүн тесттин жыйынтыгына канчалык деңгээлде ишенүүгө болот, тест берип жаткандардын бардыгы бирдей шарт менен камсыз боло алабы» деген сыяктуу суроолорго жооп беришпейт. Мындай каталар кетпеш үчүн тест жүргүзүүчү

*ЖРТ мектепте жалаң бешке окубагандарга өзүн көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Орто окуу жайларда колдонулган салтуу баалоо системасы (бирден бешке чейинки) окуучулардын болгон потенциалын ача албайт. Машиналдуу жаттап калуу жана өзүн жакшы алып жүрүү - бул али эрудициянын көрсөткүчү эмес.*
*ЖРТда энциклопедиядан же башка маалымат булактарынан ала алган фактологиялык билим маанилүү эмес. Эң маанилүүсү - алган билимди тажрыйбасында пайдалана билүү, көйгөйдүн логикалык чыгаруу жолун табуу.*

**Каныкей Омуралиева**
Алтын сертификаттын ээси.

уюм жогорку деңгээлде профессионалдуу болуп, дайыма тест маселелеринин үстүндө иш алып барып, тестология маселелерине байланыштуу маалыматтарга ээ болуу жана кесипчилигин жогорулатуу, жаңы адабияттарды окуу, зарыл болгон курстарга, семинар жана конференцияларга катышуу, чет элдик консультанттар менен көзмө-көз жана сырттан иштешүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушу зарыл. Ошондой эле бул уюм ар түрдүү максаттарды көздөгөн тесттерди өткөрүү жаатында да жетиштүү деңгээлде тажрыйбага ээ болуусу шарт.




Тапшырманын "портрети". Тапшырманы графикалык талдоонун үлгүсү

ББОУБ өз кызматкерлеринин адистигин жогорулатууга көп көңүл бурат. Проект түзүлгөндөн бери Борбордун кызматкерлери Education Testing Service (ETS), Global Institute, ACCELS (Washington), PISA Consortium семинарларында билим алышып, көп убакыттын ичинде Америка жана Европанын ETS, CITO тест түзүү уюмдарынын кеңешчилери менен үзгүлтүксүз иштешип, Standard Setting, психометрия, тестирлөө теориясы (классикалык, IRT) ж.б. сыяктуу тестология аспектилерин жана PISA, PIRLS, TIMSS сыяктуу эл аралык салыштыруу изидөөлөрдүн тажрыйбаларын окуп үйрөнүп, жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн тестирлөө тажрыйбалары менен таанышып чыгышты.

*Жалпы республикалык тестирлөөнүн иштөө убактысы учурунда билимди баалоо тармагында жетишерлик күчтүү жана компетентүү адистердин армиясы даярдалды. Булар тесттин түзүүчүлөрү, консультанттар, тестти уюштуруучу инструкторлор, тесттин жыйынтыгын изилдөөчү аналитиктер жана билим берүү саясатындагы иштеген адистер.*

**Гайша Ибрагимова**
"Кыргыз Республикасынын Билим берүү мекемелери Союзу" Ассоциациясынын Президенти.

Мындан тышкары, ББОУБ «Жалпы республикалык тестирлөө» долбоорунан тышкары PISA, «Окуучулардын билим жетишкендиктерин улуттук баалоо», «PEAKS долбоорунун башталгыч мектеп окуучуларынын Сынчыл ой жүгүртүүсүнүн өсүшүн баалоо» сыяктуу долбоорлорду ишке ашырып, орто мектептердин бүтүрүү сынактарында колдонулуучу каражаттарды иштеп чыгууга жана мугалимдерди даярдоого катышты. Борбордун алкагында ар түрдүү предметтер боюнча тест тапшырмаларын түзүүчүлөргө билим берүү иши дайыма жүргүзүлөт.

**Иштелип чыккан жол-жоболорду сактоо - тесттин жашырындыгынын шарттайт.**

Тест күтүлгөн натыйжа берип, көздөлгөн нерселери баалоо үчүн, б.а. валиддүү болушу үчүн, өтө жашыруун болушу керек. Жашырындыкты сактоо, тесттин жыйынтыгына таасир берүүгө мүмкүнчүлүк бербөө – негизги шарт. Бул шарттарды сактоо ар бир абитуриенттин тагдырына таасир берүү менен катар эле Кыргызстандын ЖОЖдорундагы гранттык орундардын бөлүштүрүүсүнө да таасир берет. Т.а. тест суроолорунун сатылбастыгына, акча төлөө жолу менен өзүнүкүнөн жогору баллды көрсөткөн сертификаттардын берилбестигине кепилдик берилиши керек. Бул маселе баарынан мурда абитуриенттерди жана алардын ата-энелерин тынчсыздандырат. Зарыл талаптардын сакталгандыгынын биринчи далили катары уюмдун ар бир кызматкеринин ББОУБдун кадыр-баркын сактоого кызыктар экендигин көрсөтүүгө болот. Анткени бул учурда уюмдун туруктуулугу сакталып, анын кызматкерлери иш менен камсыз болушат. Демек, ички жана тышкы коррупцияга каршы күрөшүү ар бир кызматкердин пайдасына

чечилет. Мындан тышкары ББОУБдун ар бир кызматкери эрежелер бузулган учурда кандай олуттуу жоопкерчиликке тартыла турганын билдирген бир катар документтерге кол коёт. Жогоруда белгиленгендей, уюмдун иш-аракети ББОУБдун Камкорчулар кеңеши тарабынан көзөмөлдөнүп турат.

Бирок жашырындыктын, адилеттүүлүктүн жана объективдүүлүктүн сакталышы үчүн принципиалдуу жана чынчыл адамдардан турган топ түзүү жетишсиз. Кандай гана шартта болбосун, жашырындыкты камсыз кыла турган процедураларды иштеп чыгуу зарыл. Бул – Борбордун иш-аракеттеринин негизги багыттарынын бири.

ББОУБда жашырындыктын бир катар процедуралары иштелип чыккан. Булардын иштеши Борбор аркылуу гана эмес, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлиги, USAID, ACCELS, КР Акыйкатчынын Аппараты, абитуриенттердин ата-энелери жана абитуриенттердин өздөрү тарабынан көзөмөлгө алынып турат. Бул процедуралар текст тапшырмаларын түзүүнү, алардын сыналышын, тест түзүүнү, тестти тираждоону, тестти өткөрүүнү, тест материалдарынын сакталышын, тест жыйынтыгын чыгарууну, тест жыйынтыгын билдирүүнү ж.б.у.с. иш-аракеттерди жөнгө салып турат. Төмөндө бул процедуралардын айрымдарынын мүнөздөмөсү берилет.

***Тест материалдарынын жашыруун сакталышы – так баалоонун негизги шарты***

Тест Кыргызстандын мектептеринде жана ЖОЖдорунда эмгектенген, атайын даярдыктан өткөн, бүгүнкү күнгө чейин тест тапшырмаларын түзүү жаатында жетиштүү деңгээлдеги тажрыйбага ээ болгон окутуучулар тарабынан ББОУБдун имаратында түзүлөт. Тапшырманы түзгөндөн кийин, тест түзүүчү аны рецензиялоого берет. Борбордо көп баскычтуу рецензиялоо колдонулуп, ар бир суроо Борбордун тест тапшырмалары топтолгон банкына кошулгуча эң аз дегенде 5 рецензиядан өтөт. Рецензиялоо учурунда суроого олуттуу өзгөртүүлөр, тактоолор, толуктоолор киргизилип, натыйжада анын акыркы варианты баштапкы формасынан бир кыйла айырмаланышы мүмкүн. Тест түзүүчү өзү түзгөн тапшырмасын оңдоп-түзөө ишине катышпайт. Ал түзгөн суроосуна кандай өзгөрүүлөр киргизилип, кайсы тестте (ББОУБда тесттин 4 түрү иштелип чыгат) жана качан колдонула тургандыгын, деги эле качандыр бир кезде колдонулуп-колдонулбасын билбейт. Суроо электрондук банкка киргизилгенден кийин апробациядан өтүп, татаалдыгы, бөлүштүрүү жөндөмдүүлүгү сыяктуу статистикалык мүнөздөмөлөрү так аныкталгандан кийин гана колдонулушу мүмкүн. Апробациядан тест эмес, тапшырамалар банкындагы суроолор өтөт. Апробацияга чейин алар алдын-ала берилген сыпаттамага гана ээ болуп, эксперименталдык сыноодон өтүшү керек. Эксперименталдык апробациядан өтпөгөн бир да суроо тестке киргизилбейт, ошол эле учурда апробациядан өткөн бардык эле суроолор тестке киргизиле бербейт.

Жашыруун маалыматтар сакталган компьютерлер жергиликтүү байланыш түйүнүнө да, Интернетке да кошулбайт жана атайын белгиленген, катуу сакталган эрежелер боюнча гана ачылат. ББОУБдун бир да кызматкери тест боюнча бүтүндөй толук маалымат алууга мүмкүнчүлүгү жок. Тесттин айрым бөлүктөрү жөнүндө маалымат ала турган адамдардын саны да чектелүү. Борбордо иштеген кызматкерлердин көпчүлүгү жашыруун маалыматтарды көрүүгө мүмкүнчүлүгү жок. Тест ББОУБнун коопсуздук кызматкерлеринин көзөмөлү алдында гана тираждалат. Тест тираждалып жаткан имарат көрмө камералар менен жабдылып, бардык иш-аракеттер тасмага жазылып турат. Мындан тышкары, тестти басып чыгарган уюм жана тестти басып чыгарууга катышкан ар бир кызматкер жашыруун маалыматтарды эч кимге билдирбөөгө милдеттенип, тиешелүү макулдашууга кол коёт.

Бүтүндөй Республика боюнча тестирлөө толугу менен өткөрүлүп бүтүп, бардык жооп баракчалары сканерге түшүрүлмөйүн, тесттин даяр ачкычтары (тапшырмалардын туура жооптору) даярдалбайт. Тест тапшыруучулардын колуна жеткенче тестти эч ким көрө албайт. Тест учурунда жана башка бардык этаптарда абитуриенттерге жардам берилбейт.

Эгер тест өткөрүп жаткан администираторлордун бирөө абитуриенттерге жардам берүүгө ниеттенген күндө да, 150 суроодон туруп, 5 вариантта басылып чыккан тесттин суроолорунун ачкычы болбогондуктан, жардам берүү мүмкүнчүлүгү жок. Тестти өткөрүү иш-аракетинин да катаал эрежелери бар. Анда администираторлордун тест материалдары сакталган жерде жалгыз калышына тыюу салынат. Тест материалдарын саноо, таратуу, чогултуу жана ороо иштеринин

бардыгы тест жүргүзүү тобунун башка өкүлдөрүнүн көзөмөлү алдында өтөт.

Бардык жооп баракчалары сканерден өткөрүлүп, электрондук маалымат базасына киргизилгенден кийин, тесттин ачкычы түзүлө электе абитуриенттердин жооптору Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлигинин, басма сөздүн жана USAID менен ACCELS өкүлдөрүнүн көзөмөлү алдында компьютердик диске жазылып, банктагы (адатта, эл аралык банктардагы) сейфке салынып сакталат. Бул диск салынган уячанын ачкычы ББОУБдун кызматкери болбогон эки адамда гана сакталат. Бул уяча эки адамдын жана банк кызматкеринин бирдей катышуусу менен гана ачылат. Уячанын ар бир ачылышы банктын журналына катталып турат. Диск абитуриенттер Кыргызстандын бардык ЖОЖдоруна толук жайгаштырылып бүткөнгө чейин сакталат. Бул дискте жазылган маалыматтар өзгөртүлбөйт жана аларды зарыл болгон учурда берилген жыйынтыктар менен салыштырып текшерүүгө болот. Демек, маалымат базасындагы баллдарды өзгөртүүгө жана фиктивдүү балл жазылган жасалма сертификаттардын берилишине эч мүмкүнчүлүк берилбейт.

Абитуриенттер жана алардын ата-энелери ББОУБнун кеңсесинде баллдардын туура эсептелгендигин тастыктай турган маалыматтарды ала алышат. Бул учурда абитуриентке анын жооп баракчасы берилип, ага жана ата-энесине баллдарын санап чыгуу мүмкүнчүлүгү берилет. Башында мындай көрүнүштөр көп болгону менен кийинки учурларда баллдарын санап чыгууну каалагандардын саны азайды. Бул абитуриенттердин жана алардын ата-энелеринин Борборго көрсөткөн ишениминен кабар берет.

Сертификатта көрсөтүлгөн балл өзгөртүлүшү мүмкүнбү? Эгер мүмкүн болсо, бул эмне менен байланыштуу? Бул боюнча көптөгөн айың кептер бар. Алардын көпчүлүгү негизсиз болсо да, ББОУБ тарабынан өтө кылдат иликтенген. Баарынан мурда, сертификатта көрсөтүлгөн балл **расмий** түрдө өзгөртүлгө учурлар да кездешээрин айтып коюу зарыл. Бирок көпчүлүк учурда баллдар сөзсүз эле көбөйүп кетпейт. Мындай көрүнүш төмөнкү учурларда кездешет. Тест учурунда абитуриент жооп баркчасына каттоо номерин сан менен жазгандан кийин атайын көрсөтүлгөн жердеги сандардын арасынан ушул эле номерди тегеректеп боёшу керек. Сканер тегеректелип боёлгон номерди окуйт. Тилекке каршы, айрым абитуриенттер өз номерлерин сан менен туура жазып, ал эми аларды тегерктеп боёп жатканда ката кетиришет. Бул учурда абитуриент өзүнүн жыйынтыгын эмес, жаңылыш белгилеп койгон номер менен катталган абитуриенттин жыйынтыгын алып калышы мүмкүн. Тест дептеринин номери боюнча да ушуну айтса болот. Эгер абитуриент дептердин номерин туура эмес боёп койсо, анда анын иши ал иштеген дептер боюнча эмес, өзү ката белгилеп койгон номердеги дептер боюнча текшерилип калат. Мындай каталарды ББОУБ тесттин жыйынтыктарын жарыялаганга чейин оңдойт, бирок мындай каталарды табуу кыйын.

> *Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы менен менин эки кызым жогорку окуу жайлардын бюджеттик орундарында окуп жатат. Эми үчүнчү кызым тапшырат. Ал да бюджеттик орунга өтүп кетет деп үмүттөнөм...*
>
> **Дамира Калиева.**
> Нарын облусу, Ат-Башы району.

Эгер мындай каталар абитуриентке сертификат тыпшырылгандан кийин билинип калса, анда сертификат алмаштырылат. Каттоо номерин тегеректеп белгилөөдө же дептердин номерин жазууда кетирилген каталар абитуриенттин билим деңгээлинин көрсөткүчү болуп эсептелбейт. Бул оңдолушу зарыл болгон техникалык ката болуп саналат. Мындай каталар жөнүндөгү маалыматтар ББОУБнун, КР Билим берүү жана илим министирлиги, Коррупцияны алдын алуу агенттиги, Омбудсмен жана массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрүнөн турган комиссияга сунушталат. Жыйында абитуриенттин арызы каралып, техникалык ката кеткенин далилдеген бардык документтер сунушталып, андан кийин гана сертификаты алмаштыруу мүмкүн же мүмкүн эмес экендиги жөнүндө чечим кабыл алынат.

ББОУБ Кыргыз Республикасынын ЖОЖдоруна өтүү үчүн конкурс өткөрбөйт жана уюштурулган конкурстар үчүн жооп бербейт. Бирок, кабыл алуунун алдында ар бир ЖОЖ кабыл алууга сунушталган абитуриенттин баллдарын тастыктоо максатында алардын тизмесин ББОУБга жиберет. Борбордо тизмедеги абитуриенттердин баллдарын электрондук маалымат базасындагы баллдар менен салыштырып чыгып, баардыгы жайында болсо, тизменин ар бир

барагына мүдүрдүн колу коюлуп, ББОУБнун мөөрү басылат. Мындан кийин тизмелер абитуриенттер жана ата-энелер үчүн ЖОЖдордо сөзсүз түрдө илинип коюлушу керек. Абитуриенттер жана ата-энелерди ЖОЖдордогу гранттык орундар адилеттүү түрдө бөлүштүрүлгөндүгүнө ынандыруу максатында бул иш-аракетти сөзсүз жүргүзүү зарыл.

## 4. Тест система катары

**Берилген милдеттерди эң жогорку деңгээлде аткаруу үчүн тест кандай болууга тийиш?**

Жогоруда белгиленгендей, ЖРТтин **бирден-бир максаты – билим алуусун улантып кетүүгө башкалардан жөндөмдүү абитуриенттерди аныктоо.**

Билим берүү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын артыкчылыктуу стратегиялык багыттарынын бири болуп саналат жана КРнын Конституциясына ылайык, мамлекет ар **бир адамга өз жөндөмдүүлүгүнө жараша** жогорку билим алууга мүмкүнчүлүк түзүп бериши керек. Дүйнөдө жогорку окуу жайларына кабыл алуу үчүн абитуриенттерди так тандап алууга мүмкүнчүлүк берген атайын эрежелердин негизинде түзүлгөн селективдүү (иргеп алуучу) тесттер колдонулат. Бул сыяктуу прогноз берүүчү тесттер студенттин университетте ийгиликтүү окуй ала турганын же окуй албасын алдын-ала айтуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мындай тест мектепте окутулган материалдарды канчалык даражада өздөштүргөндүгүн эмес, **жеке когнитивдүү жана академиялык көндүмдөрүн** баалоого багытталган. Өтүлгөн материалдарды өздөштүрүү деңгээлин текшерүү – бул бүтүрүү экзамендеринин милдети.

Жогоруда көрсөтүлгөн максатка жетүү үчүн ББОУБ баалоо куралы катары мектептен алган билимди текшерүүгө багытталган тесттерди эмес, академиялык жөндөмдөр менен көндүмдөрдү аныктаган тесттерди колдонот. КРнын Өкмөтү жана эң алды, Билим берүү жана илим министирлиги башында эле Жалпы республикалык тестирлөө үчүн тестирлөө кызматы тарабынан сунушталган ар түрдүү моделдери карап чыккан.

> *Жалпы Республикалык тестирлөө билимди баалоонун прогрессивдүү ыкмаларынын бири болуп саналып, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамынын негизинде өткөрүлөт. Жыл сайын ЖРТ жакшыртылып келет, анын ичинде студенттерди сапатуу тандап алууга мүмкүнчүлүк берген кошумча предметтик тесттердин саны жетиштүү. ЖРТга химия, биология, англис тили, тарых жана физика предметтери боюнча кошумча тесттер киргизилген. Жогорку окуу жайларга тапшыргандардын өз билимин, жөндөм жана көндүмдөрүн максималдуу көрсөтүүгө мүмүкүнчүлүк берүү үчүн тестирлөө үч тилде өткөрүлөт.*
>
> **Садыков Канат Жалилович**
> КР Билим берүү жана илим министри

Бирок, ийгиликтүү иштеп жаткан моделдер учурда бир нече олуттуу себептерден улам токтотулган. Баарынан мурда, Кыргызстандагы социалдык-экономикалык абалдын өзгөрүшү, базар мамилелеринин өнүгүшү билим берүү системасына жаңы талаптарды коё баштады. Өлкөдөгү иш берүүчүлөр адистерге болгон муктаждыктарын билдирип жатышса да, эмгек рыногу дипломдуу адистерге жык толуп кеткендиги сыяктуу карама-каршылыктуу кырдаал түзүлдү. Эгер билим берүү системасы мурдагыдай эле көптү билүүгө жана эске тутуп калууга басым жасап, белгилүү бир өлчөмдөгү билимге ээ болуп, бирок ал билимин колдоно билүү көндүмүнө ээ болбогон адистерди даярдоо улантыла берсе, абал эч өзгөрбөй турганы анык болду. Жалпы республикалык тестти түзүүдө баарынан мурда окуучулардын тапшырамаларды ийгиликтүү аткара билүү жөндөмдүүлүгүнө көңүл бурулат. Тесттин тапшырмаларын аткаруу жана суроолорго жооп берүү учурунда абитуриенттер топтогон билимин жаңы кырдаалдарда колдоно билиши, учурдагы стандарттардын жана каралган программалардын деңгээлинде тапшырманы аныктай алышы, тапшырмага формулировка бере билиши, маалыматтардын жетиштүүлүгүн жана логикалуулугун аныктай алуусу, маселени чыгаруу усулун жана стратегиясын туура тандап, кырдаалга жараша ой жүгүртө билүүгө жетишүүсү керек. Мындан тышкары тестте абитуриенттердин модель, графика, сүрөт, диаграмма жана маалымат берүүчү башка каражаттарды колдоно билүүсү, символ, белги жана терминдерди кабыл алып жана чечмелей билүүсү текшерилет.

Тесттин бул формасынын тандалып алынышынын дагы бир себеби − өлкөнүн ар кайсы жеринде жашаган окуучулардын даярдыгынын бирдей эместиги. Эгер тестте билим текшериле турган болсо, анда бүтүрүүчүлөрдүн деңгээли ар түрдүү болуп калмак. Региондордо предметтик мугалимдердин болбогондугу, билим берүүнүн талаптарына жооп берген материалдык-техникалык базанын бардык жерде эле талаптарга жооп бербегендиги, окуу куралдарынын жана адабий окуу үчүн китептердин жетишсиздиги баарыбызга маалым. Мындай учурда базасы чабал мектептерде билим алып, жетишсиз даярданган окуучулар мыкты мектептерде окуган окуучулардан артта калат. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо боюнча жүргүзүлгөн иликтөөнүн жыйынтыгында программада көрсөтүлгөн материалдарды чабал өздөштүргөн окуучулардын саны абдан көп. Андыктан, бүтүрүүчүлөрдүн мектепте алган билиминин бирдей деңгээлде болбогонун билип туруп, алардын билимин текшерүү жогорку билим алуу мүмкүнчүлүгүн берүүдө адилетсиздикти жаратуу менен барабар.

Борбордун кызматкерлери тест түзүү учурунда өздөрүнө жүктөлгөн чоң жоопкерчиликти сезишет. Себеби тест аркылуу жаштардын келечеги чечилет, демек, жүргүзүлгөн педагогикалык баалоолор өтө так жана туура болушу зарыл.




Тестирлөө – педагогикалык баалоонун абдан татаал куралы. Бир караганда, тест өз-өзүнчө турган суроолордон тургандай сезилет, ал эми чындыгында ал ар бир элементи өз ордунда турган, кайталангыс өзүнө гана тиешелүү параметрлери жана тапшырмалары бар, кылдат ойлонулган жана аягына чейин түзүлгөн система болуп эсептелет.

Жалпы республикалык тест **арасынан бирөө гана туура болгон көп варианттуу жооптору бар суроолор** түрүндө түзүлгөн. Тесттин мындай форматынын тандалып алынышы кокустук эмес. Бул учурда башка адамдарга тесттин жыйынтыгын чыгарууга кийлигишүү мүмкүнчүлүгү дээрлик түзүлбөйт. Бардык иш-аракеттер автоматташтырылган жана субъективдүү факторлор тесттин жыйынтыгына таасир бере албайт.

Тест үч бөлүктөн турат:

- **математикалык**
- **сөздүк-логикалык**
- **эне тилдин практикалык грамматикасы**

Абитуриент үчүн кайсы тилде жооп берүү ыңгайлуу болсо, ошого жараша тест **кыргыз, орус жана өзбек** тилдеринде сунушталат.

Тест мөөнөтү зарыл болгон формаларды толтуруу жана нускоолорду угуу үчүн берилген убакытты кошпогондо **3 саат 35 мүнөттү** түзөт.

Төмөндө берилген 2-таблицада тесттин ар бир бөлүгү эмнени текшере тургандыгы көрсөтүлгөн.

2-таблица

| **Негизги тесттин бөлүмдөрү** | **Суроолордун саны** | **Убакыт** |
|---|---|---|
| **Математикалык.** Тесттин бул бөлүмүндө арифметика, алгебра жана геометрия боюнча суроолордун жардамы менен мектеп программасынын талаптарынын чегинде төмөнкүлөр текшерилет: **1) концептуалдык түшүнүү:** а) түшүнүгүн колдоно билүү; б) модель, диаграмма ж.б. колдоно билүү; в) аныктамаларды билүү жана колдоно алуу; г) тыянак чыгара билүү; **2) процедуралык билимдер**: а) туура чыгаруу ыкмасын аныктоо; б) маалыматты (таблица, график, диаграмма) чечмелөө; в) белгилүү бир кырдаалды алгоритмдештирүү; **3) маселелерди чыгаруу**: а) маселени аныктоо жана аны формулировкалоо; б) чыгаруу ыкмасын тандоо жана аны конкреттүү жагдайга жараша өзгөртүү; в) билимин жана ой жүгүртүүсүн берилген кырдаалда колдонуу. Тесттин бул бөлүгү математика жана техникалык кесипке даярдаган окуу жайга тапшыруу үчүн атайын математикалык билимди текшерген суроолор эмес. Абитуриент кайсы адистикти тандабасын, анын математика боюнча алган негизги билим жана көндүмдөрүн гана текшерет, т.а. абитуриенттин математикалык сабаты гана текшерилет. | **60** | **90 мүн** |
| **Сөздүк-логикалык.** Бул бөлүм 2 бөлүктөн турат**: Аналогиялар (окшоштуктар) жана сүйлөмдөрдү толуктоо** жана **Окуу жана түшүнүү.** <br>**Аналогиялар жана сүйлөмдөрдү толуктоо.** Бул бөлүк татаал эмес вербалдык тапшырмалардын негизинде рационалдуу салыштыруу жан тыянак чыгара билүү жөндөмүн текшерет. Аналогиялар жана сүйлөмдөрдү толуктоо окуу процессинде тапшырмаларды туура аткарууда негизги роль ойногон жөндөмдүүлүктөрдү текшерет. **Аналогиялар төмөнкүлөрдү текшерет:** а) сөз байлыгы; б) түшүнүктөрдүн ортосундагы логикалык байланышты талдай билүү; в) жуп сөздөрдүн бири-бирине болгон көз карандылыгын табуу; г) бир же бир нече белгилер боюнча сөздөрдүн өз ара окшоштугун же айырмачылыгын аныктай билүү. **Сүйлөмдөрдү толуктоо төмөнкүлөрдү текшерет:** а) айтымдардын арасындагы ар түрдүү логикалык байланыштарды түшүнүү жөндөмүн (себеп-натыйжа, шарт, дал келүү ж.б.) түшүнүү жөндөмү ; б) сөз байлыгы . | **30** | **30 мүн** |
| **Эне тилде окуу жана түшүнүү.** «Окуу жана түшүнүү» бөлүмүндөгү суроолор аркылуу 400дөн 850гө чейин сөздөн турган тексттерди көңүл коюп окуп, **окугандарын түшүнүп, алардын үстүндө ой жүгүртө билүү** жөндөмү текшерилет. Тексттерди үзүндүлөрү илимдин ар түрдүү тармагынан: гуманитардык, социалдык жана табигый илимдер чөйрөсүнөн алынышы мүмкүн. Ошону менен катар эле документалдык (кээде - көркөм) прозанын баяндоо түрүндөгү чыгармалары да колдонулат. Бөлүмгө өз алдынча турган эки текст жана бири-бири менен салыштыруу үчүн ич ара байланышы бар эки фрагмент киргизилген. Ар бир текст жана фрагментке карата түзүлгөн суроолор төмөнкүлөрдү текшерет: <br>**а) тексттин мазмунун, анын концепциясын түшүнүү; б) бир үзүндүнүн негизинде тексттин үзүндүлөрүнүн ортосундагы байланышты чечмелеп берүү жөндөмдүүлүгү; в) тексттин мазмунунун реалдуу турмуш менен болгон байланышын түшүнүү г) сөз байлыгынын тереңдиги, ар түрдүүлүгү; д)тексттеги көмүскө ойду түшүнө билүү; е) автордун стилин жана анын текстте чагылдырылган маанайын аныктап билүү ; ж) тексттин түзүлүшүн жана анын мазмуну менен болгон байланышын түшүнүү.** | **30** | **60 мүн.** |
| **Эне тилдин практикалык гармматикасы. Бул бөлүмдүн максаты** – тилди турмушта колдоно билүү жөндөмүн жана абитуриенттердин орфографиялык, пунктуациялык жана кептик сабаттуулугун текшерүү. Бул тест төмөнкү жөндөмдөрдү баалайт: **орфографиялык эрежелерди колдоно билүү; сүйлөмдүн маанисин жана түзүлүш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен тыныш белгилерин туура коё билүү; ар кандай сөз жасоо каражаттарын колдонуп сөз жасай билүү; сүйлөмдөрдү мааниси туура келген сөздөр жана сөз түрмөктөрү менен толуктоо; сөздүн лексикалык жана грамматикалык маанисин ажыратып таануу; сөз жана сүйлөмдөрдү эне тилдин адабий нормаларына ылайык колдоно билүү**. | **30** | **35 мүн.** |
| **Баардыгы:** | **150** | **215 мүн.** |

## 5. Предметтик тесттер

Жалпы республикалык тестирлөөнүн алкагында 2003-жылдан 2010-жылга чейин **химия, биология, англис жана немис тилдери боюнча** предметтик тестер өткөрүлүп келген. **2010-жылы** Жалпы республикалык тестирлөөнүн тажрыйбасына **КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин тапшырмасы менен** тарых жана физика боюнча **кошумча предметтик тесттер киргизилген** (төмөндөгү таблицаны караңыз). Жогорку окуу жайларга өтүү үчүн абитуриенттер негизги тест менен бирге кеминде бир предметтик тестти милдеттүү түрдө тапшырышы керек.

Немис тили боюнча предметтик тестти тапшырган абитуриенттердин саны жылдан жылга азайып жаткандыгынан 2011-жылы немис тили боюнча тест ББИМ чечими боюнча кошумча тесттердин арасынан алынып салынды.

Предметтик тесттерге аталган предметтер боюнча билимди талап кылган адистиктерге тапшырууну каалаган абитуриенттер киришет. Бул тесттердин максаты жалпы тесттин максатындай эмес, окуучунун тигил же бул предмет боюнча алган билимин текшерет. Бул учурда да басым үйрөнгөндөрүн эстөөгө эмес, алган билимин колдонууга багытталат.

| **Предметтик тесттер** | **Суроолордун саны** | **Убакыт** |
|---|---|---|
| Химия | 40 | 75 мүн. |
| Биология | 40 | 60 мүн. |
| Физика | 40 | 80 мүн. |
| Тарых | 40 | 70 мүн. |
| Англис тили | 50 | 60 мүн. |

ББОУБ тесттерди КР Билим берүү жана илим министирлигинен (ББИМ) келип түшкөн суроо-талаптардын негизинде түзөт. Өз кезегинде КР ББИМ өз талаптарын жогорку окуу жайлардан келип түшкөн талаптардын негизинде белгилейт.

## 6. Тест кандай жол менен жана ким тарабынан түзүлөт?

Тест түзүүгө ББОУБда атайын даярдыктан өткөн мектеп мугалимдери, университеттердин окутуучулары жана КРнын Илимдер академиясынын кызматкерлери катышат. Жогоруда айтылгандай, тест үч тилде даярдалат жана үч тилде сүйлөгөн элдердин ар биринин маданий өзгөчөлүктөрү эске алынат. Үч тилде түзүлгөн тесттердин текшергени бир гана нерсе болсо да, алар жөн гана бири-биринин котормосу эмес.

Бул жерде абитуриенттерге түзүлгөн шарттардын жана мүмкүнчүлүктөрдүн бирдей жана варианттардын татаалдыктарынын үч тилде бирдей даражада болушунун абдан маанилүү экендигин айтуунун кажети жок. Себеби ЖОЖго тапышруу үчүн бардыгына бирдей шарт түзүлүшү керек. Андыктан тест варианттарынын бирдей деңгээлде болушуна көп көңүл бурулат.

> *Өткөн жылдардын ичиндеги Жалпы республикалык тестирлөөнүн орточо баллдары гендердик же аймактык белгисине карабастан кардиналдуу түрдө өзгөргөн жок – бул тестирлөө системасынын компетентүүлүгүн жана туруктуулугун далилдейт. Педагогикалык ченемдер үчүн ченөө куралы туруктуу, качан, кайсы жылы тапшырганына карабастан тест тапшырмаларынын оордук деңгээли бирдей болушу керек. Бул тест жөнүндөгү биринчи көрсөткүч – тесттин эң мыкты сапатынын белгиси.*
>
> **Дэн Девидсон**
> Американын Эл аралык билим берүү боюнча Кеңештеринин Ассоциациясынын Президенти.

Тест тестология жана психометриянын катаал талаптуу мыйзамдары боюнча түзүлөт. Тесттеги ар бир тапшырманы текшерүү жана жакшыртуу процесси узакка созулат. Тест тапшырмаларын редакциялоо жана ылайыкташтыруунун эң олутту баскычы болуп, алдын-ала жүргүзүлгөн сынамык тестирлөөнү (претест) жүргүзүү эсептелет. Бул тестирлөөдө

ар бир тапшырманын натыйжалуулугу текшерилет. Бул так баалоону камсыз кылган суроолорду тандап алууга мүмкүнчүлүк берет. Алдын-ала жүргүзүлгөн тест суроо-тапшырмалардын татаалдык деңгээлин, окуучунун жөндөмдүүлүгүн аныктоодо натыйжалуулугун, валиддүүлүгүн, бөлүштүрүлүү жөндөмүн ж.б. көрсөтөт.

Тесттин ар бир тапшырмасы апробациядан өтөт жана кынтыксыз статистикалык көрсөткүчкө ээ болгон суроо-тапшырмалар гана Жалпы республикалык тестке киргизилет. Калган суроолорду оңдоо, толуктоо иши улантыла берет.

Билим алуусун улантууга бардыгына бирдей мүмкүнчүлүк түзүү үчүн тесттин варианттарынын татаалдыгы менен катар эле андагы суроо-тапшырмалардын көздөгөн максаттары бирдей болушу керек.

Тесттердин ар бир тилдеги версиясы да өз ара теңделүүгө тийиш. Тестти өткөрүү шарттары жана эрежелери да бирдей стандартта болушу зарыл. Бул учурда гана биз тесттин адилеттүү өтүшү, тестке кирген бардык жарандардын жөндөмдүүлүк менен көндүмдөрү бирдей каражат менен текшерилди деп айта алабыз.

**Кирүү тестин бүтүрүү сынагы катары колдонууга болобу?**

Жогоруда айтылгандай, тест **бир гана максатты** көздөгөндө гана ал өз милдетин аткарып, ишенимдүү натыйжа бере алат.

Жалпы республикалык тесттин максаты – окуусун улантып кете ала турган жөндөмдүү абитуриенттерди аныктоо. Мындан башка максаттарды көздөө тесттин валиддүү эмес болушун, т.а. максатына жетпей калышын шарттайт.

Акыркы мезгилдерде орто мектептердеги бүтүрүү сынагынын Жалпы республикалык тест менен бириктирилишин жактаган пикирлерди угуп жатабыз. Бул учурда бириктирүүнүн пайдасынан зыяны көп боло турганын айткыбыз келет. Бул көп себептерге байланыштуу. Мисалы, бүтүрүү жана кирүү экзамендеринин максаттары бирдей эмес. Бирөө орто мектептеги программанын өздөштүрүлүшүн текшерсе, экинчиси ЖОЖдо ийгиликтүү окуй ала турган абитуриенттерди аныктоо максатын көздөйт.



Кирүү экзаменинин негизин андан ары окуп кетүү үчүн зарыл болгон материалдар түзөт (бирок мектеп программасынын чегинен чыкпайт). Экзамен ЖОЖдо окуу үчүн керектүү болгон жөндөм жана көндүмдөрдү текшерет.

Бардык эле бүтүрүүчүлөр жогорку окуу жайында билим алууну көздөбөйт. Экзамендер бириктирилгенде алардын көлөмү да жана мазмуну (камтыган материалдарынын өтө көп болгондугуна жана бир нече максатты көздөгөндүгүнө байланыштуу) көбөйөт. Мындан тышкары баалоодо субъективдүүлүк орун алат (бүтүрүү сынагында ачык суроолор б.а. өз алдынча жазуу түрүндө жооп берүүгө багытталган суроолор сөзсүз колдонулат).

Бүтүрүү экзаменин тестирлөө ыкмасы менен өткөрүүгө болот, бирок, бул атайын бүтүрүүчүлөр үчүн түзүлгөн башкача тест болушу зарыл.

**Жалпы республикалык тестирлөөгө кантип даярдануу керек?**

Тестирлөөнүн биринчи өткөрүү күндөрүнөн баштап "Жалпы республикалык тестирлөө" долбоору тарабынан абитуриенттердин тестке даярдануусу үчүн кыргыз, орус жана өзбек тилдеринде "Жалпы республикалык тестирлөөгө даярданабыз" аттуу акысыз китепчелер даярдалып, иштеп чыгарылган. Бул китепчелерде абитуриенттер үчүн ЖРТ боюнча маалыматтар камтылган: тесттин максаты, түзүлүшү, абитуриенттердин укуктары жана милдеттери, тест учурунда абитуриенттердин алып жүрүү эрежелери, негизги тесттин ар бир бөлүмү боюнча тапшырмалардын мисалдары. ЖРТга катышам деп чечим кабыл алып, катоодон өткөн абитуриенттер кирүү талону менен дал ушул китепчелерди алышат. Жылдан жылга тест тапшырууну каалаган абитуриенттердин саны көбөйгөнүнө карабастан, долбоор тарабынан

мындай акысыз китепчелерди таратуу тажрыйбасы өзгөрбөй келет.

Мындан тышкары, 2003-жылдан баштап, абитуриенттердин тестке даярдануусу үчүн негизги тест жана ар бир предметтик тест боюнча долбоор тарабынан “Жалпы республикалык тестке даярданабыз” аттуу колдонмолор даярдалып, сатууга коюлган.

2011-жылы USAIDдин финансылык каржылоосунун жардамы менен, Билимди баалоо жана окутуу усулдары борбору тестке даярдануу үчүн колдонмолорду кайрадан иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк алды. Борбор тарабынан кыргыз жана орус тилдериндеги негизги тест жана предметтик (химия, биология, англис тили) тесттер боюнча колдонмолордун жакшыртылган басылмасы даярдалды. Андан тышкары, 2010-жылы киргизилген тарых жана физика предметтери боюнча колдонмолор жаңыдан даярдалып, чыгарылды.

Колдонмолор абитуриентердин кайталоосу керек болгон темалардын тизмесин, ЖРТга дайрдануу үчүн теориялык материалды, тапшырмаларды чыгаруу үчүн көрсөтмөлөрдү, тесттин ар бир бөлүмү боюнча тапшырмалардын үлгүлөрүн, тапшырмаларды чыгаруу жолдорду жана ар бир тапшырманын жообун камтыйт.

Колдонмолорду Билимди баалоо жана окутуу усулдары борборунун кеңсесинен сатып алып, болбосо шаардык же райондук билим берүү бөлүмдөрүндөгү ЖРТга жоопту адамдар аркылуу заказ кылып алса болот.

USAIDдин финансылык жардамы менен колдонмолордун абитуриенттер үчүн сатуу наркы өздүк наркынан төмөн болду:

- негизги тест – 100 сом,
- химия, биология -120 сом,
- тарых - 140 сом,
- физика – 140 сом,
- англис тили – 90 сом.

ЖРТга даярдануу үчүн колдонмолорду абитуриенттер жана окуучуларын жогорку окуу жайларга тапшырууга даярдап жаткан мектептин мугалимдери абдан көп сурап алышты.

Абитуриенттер тестке даярдануусу үчүн Билимди баалоо жана окутуу усулдары борборунун www.testing.kg сайтында “Жалпы республикалык тестирлөөгө даярданабыз” аттуу колдонмолордун өткөн жылдарда чыгарылган басылмалары жайгаштырылган. Ал колдонмолорду жогорку окуу жайларга өтүүнү каалаган абитуриенттер сайттан көчүрүп алып даярданса болот.

## 7. Маалымат кампаниясы

ЖОЖго окууга өтүүнү каалагандардын ар бири тестке каттоо жана катышуу жөнүндөгү, жана эң негизгиси - Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары жогорку окуу жайлардын күндүзгү гранттык да, контракттык да бөлүмдөрүнө милдеттүү түрдө керектигин, жана башка зарыл болгон маалыматтын бардыгын алыш үчүн 2011-жылы Билимди баалоо жана окутуу усулдары борбору тарабынан кеңири маалымдоо кампаниясы жүргүзүлгөн. “Жалпы республикалык тестирлөө” долбоорун жүзөгө ашыруунун биринчи күндөрүндөй эле, 2011-жылы да ББОУБ ишинин эң маанилүү принциптери - коомчулукту төмөнкүлөр тууралуу кабардар кылуу болуп эсептелген:

- ЖРТнын максаты жөнүндө;
- ББОУБ жетекчиликке алган принциптер жөнүндө;
- тестирлөө процессине тийиштүү бардык иш-чаралар (тестке каттоо убактысы жана жолдору, тестирлөө эрежелери, тестирлөө өткөрүлө турган жер жана убакыт) жөнүндө;
- тесттин мазмуну жөнүндө;
- тесттин жыйынтыктары ж.б. жөнүндө.

Коомчулук менен иш бир катар багыт боюнча жүргүзүлөт:

- абитуриенттерге жана алардын ата-энелерине маалымат берүү;
- билим берүү тармагындагы иштеген кызматкерлерге керектүү маалымат берүү;
- мектептердин директорлору, ЖОЖдордун ректорлору жана билим берүү мекемелеринин кызматкерлери менен иштөө;
- КР өкмөтү, Билим берүү жана илим министрлиги, мамлекеттик эмес уюмдар жана ММК менен үзгүлтүксүз байланыш түзүү.

ББОУБнун иш-аракеттери, тестирлөө жана каттоо эрежелери жөнүндө кабар берүү, коомчулукка ЖРТнын максаттарын жана милдеттерин маалымдоо үчүн 2011-жылы төмөнкүдөй иш-чаралар жүргүзүлдү:

- 2011-жылдын февраль айынан апрель айына чейин, USAIDдин финансылык каржылоосу менен, Билимди баалоо жана окутуу усулдары борборунун кызматчылары Кыргызстандын ар бир райондук борборунда жана кичи шаарларында маалыматтык семинарларды өткөрдү. Толугу менен кыргыз жана орус тилдеринде 60тан ашык семинарлар өттү. Семинарларга райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн өкүлдөрү, тестирлөөгө каттоо боюнча жооптуу мектептердин мугалимдери жана райондордун ар бир мектептеринен келген бүтүрүүчү класстардын окуучулары катышты.



- Апрель айынан 20-майга чейинки убакыта Коомдук телерадиоберүү корпорациясында (КТРК) "Алипе-ТВ" долбоорунунун жардамы менен тартылган "Жалпы республикалык тестирлөөгө даярданабыз" аттуу видеосабактар көрсөтүлдү. Видеосабактар кыргыз жана орус тилдеринде көрсөтүлүп, Негизги тесттин ар бир бөлүмү жана ар бир предметтик тест боюнча 53 видеосабак көрсөтүлдү;
- ЖРТга даярдануунун алкагында "IREX- Кыргызстан" долбоору менен биргеликте Интернет байланыш – SKYPE линиясы аркылуу IREX программасынын пилоттук мектептерининин окуучулары үчүн семинарлар өткөрүлдү. Ал семинарлар учурунда окуучулар тестирлөөгө байланышкан ар кандай суроолор менен кайрылышып, аларга жооп алууга мүмкүнчүлүк алышты;
- Коомдук телерадиоберүү корпорациясында кыргыз жана орус тилдеринде тестке каттоо мөөнөттөрү, тесттин эрежелери, жана кошумча каттоо жөнүндөгү маалыматтарды камтыган жүгүрмө сап берилди;
- Билим берүү жана илим министрлиги менен биргеликте тестке каттоо эрежелери, 2011-жылы киргизилген жаңылыктар, тестирлөөнү өткөрүү жана ЖОЖдорго конкурстун негизинде тандап алуу туурасында пресс-конференциялар өткөрүлдү;
- Каттоо жүрүп жаткан учурда жана кошумча тестирлөөнү өткөрө турган мезгилдерде "Кыргызстан Обондору", "Европа Плюс" радиостанцияларында каттоо жана тестирлөө жөнүндө маалымдоо роликтери чыгарылды;
- ББОУБ кызматкерлери кыргыз жана орус тилиндеги Жалпы республикалык тестирлөөгө арналган бир катар теле (КТРК, 5-канал) жана радио ( "Русская волна" "Кыргыз радиосу", "Кыргызстан обондору", "Азаттык") берүүлөргө жана уктурууларга катышышты;

- Тестирлөө жана каттоо жөнүндө болгон керектүү маалыматтар www.testing.kg Интернет сайтына жайгаштырылып, андан тышкары каттоо жана тестирлөө жөнүндөгү маалыматтар "Аки-пресс", "24kg", "Kloop.kg", "Кабар" аттуу маалыматтык сайттарга жайгаштырылды;
- Абитуриенттерге, ата-энелерге жана коомчулукка Жалпы республикалык тестирлөө туурасында толук маалымат берүү үчүн ББОУБ кеңсесинде «кызуу байланыш» уюштурулду;
- Борбордун кызматкерлери EDNET Билим берүү мекемелеринин Ассоциациясы тарабынан уюштурулган "Билим берүү ярмаркасына", жогорку окуу жайлар тарабынан уюштурулган " День открытых дверей", "Кош келиңиз, абитуриент!" аттуу иш чараларга, өз алдынча айрым мектептер, шаардык жана райондук билим берүү бөлүмдөрү тарабынан уюштурулган семинарларга катышып, катышуучуларга ЖРТ жөнүндө кеңири маалымат беришти;
- Ар бир мектепке кыргыз жана орус тилдеринде тестке каттоо боюнча тийиштүү документтердин жыйындысы таратылды;

Жыл ичинде Билим берүү жана илим министрлиги менен кызматташтыкта каттоо эрежелери, тесттин мазмуну, тестирлөөгө даярдануу, ББОУБ иши жөнүндө маалымат таратуу маселеси боюнча массалык маалымдоо каражаттары менен чоң иш жүргүзүлдү.

## 8. Каттоо жана тестти администрациялоо процесси

2011-жылы Жалпы республикалык тестирлөө эки этап менен өткөрүлдү:
1-этап – **Бишкек шаарында жана Чуй облусунда 21-22 майда,**
2-этап – **Кыргыз Республикасынын башка региондорунда 26 майдан 31 майга чейин.**

Тестке катталган абитуриенттер гана киргизилди. Быйыл **каттоодон 40 074 адам** өттү. Алардын ичинен **2 632** абитуриент май айындагы "кошумча" каттоодон, ал эми **1 067** абитуриент июнь айынын аягында өткөрүлгөн кошумча каттоодон өткөн.

Каттоо процедурасы абитуриенттер үчүн ыңгайлуу болду. 11-класстын окуучулары, техникумдар менен коллеждердин, атайын орто окуу жайлары менен кесиптик лицейлердин бүтүрүүчүлөрү түздөн-түз өздөрүнүн окуу жайларынан катталышты. Мурунку жылдардын бүтүрүүчүлөрү каттоодон өздөрү жашаган жердеги жакынкы райондук билим берүү бөлүмдөрүндө өтүштү. Бул учурларда жашаган жери боюнча каттоосу (прописккасы) эч кандай ролду ойногон жок. Тестке бир ай калганда абитуриенттерге тестке кирүү талондору тест кайсы жерде, качан, саат канчада башталары жөнүндө кабарландыруучу каттар менен жөнөтүлгөн. Кабарландыруучу кат менен кошо абитуриентке "Жалпы республикалык тестке даярданабыз" аттуу акысыз берилүүчү китепче да таратылат. Ал китепче абитуриент кайсы тилде тестти тапшырам десе, дал ошол тилде берилген.

Жалпы республикалык тестирлөөгө негизги каттоо 2011-жылдын 14-мартынан 22–апрелине чейин өткөрүлдү. Ошол учурда катоодон өткөнгө үлгүрбөй калган абитуриенттер ар бир тест борборунда тестке бир күн калганда жана тест болгон күнү өткөрүлгөн кошумча каттоодон өтүүгө мүмкүнчүлүгү болду.

Билим берүү жана илим министрлигинин демилгеси боюнча Бишкек жана Ош шаарларында 14- 30 июнда "кошумча" тестирлөө үчүн каттоо пункттары уюштурулган. 27-28 июнда Бишкекте жана 30-июнь жана 1 июлда Ош шаарында "кошумча" тестирлөө өткөрүлүп, ал тестирлөөгө мурда каттоодон өтүп, бирок ар кандай себептер менен тестке убагында катыша албай калган абитуриенттер менен быйыл тестти тапшырбаган жана дисквалификация болбогон абитуриенттер катыша алды.

Тестирлөөнүн маанилүү бөлүгү тестти администрациялоо процессин иштеп чыгуу, аларды так аткаруу, андан тышкары ар бир тест тапшыруучу адамга бирдей шарт түзүп берүү болуп саналат. Бирдей шарттар деп ар бир абитуриенттердин тапшырманын вариантарына жана тилине карабастан бирдей оордуктагы, бирдей убакыт бөлүнгөн тестти тапшыруусу, тест учурунда алып жүрүүсү жана тестти аткаруу боюнча бирдей нускамаларды угуусу, бирдей жооп барактарын толтуруусу болуп саналат.

*Тест оор жана мектеп программасына дал келбейт деген адамдар амалданып жатышат. Баардык тапшырмалар мектеп курсунун алкагында, он бир класстын базалык программасын өткөндөр эч кыйынчылыгы жок эле чыгара алышат. Жогорку баллдарды жогорку турган чиновниктердин, байлардын балдары алышат деген миф бар. Өз мисалымда, бул андай эместигин айта алам. Мен кадимки эле ортостатистикалык үй-бүлөдөн болом.*

**Тимур Долгополов**
Алтын сертификаттын ээси. 2011 ж.

Тестирлөө бир катар параметрлер менен талаптарга милдеттүү түрдө жооп берүүгө тийиш болгон тест борборлорунда өттү. Бул эң алгач, тест жазуу учурунда абитуриенттерге мүмкүн болушунча ыңгайлуу жана бирдей шарттарды түзүү зарылчылыгы менен себептелген. Республиканын бардык аймактарында 50дөн 100гө чейин абитуриент кирип тест тапшыра алгандай аудиториялары бар мектептер тандалган. Бардыгы болуп бир эле мезгилде мектепте 250гө жакын тапшыруучу тесттен өтүүсү тийиш болчу.

Бирдей шарттарды түзүү үчүн милдеттүү талаптардын бири - тест борборлорун даярдоо: ар бир партага бирден гана абитуриент отургузулуп, парталар абитуриенттер бири-биринен көчүрүп жаза албагандай болуп коюлушу. Ар бир орун номер коюлуп белгиленип, ар бир аудиторияда маалымат берүүчү материалдар илинип туруусу керек:

- тесттин бөлүмүнүн аягына чейин канча убакыт (30,15 жана 5 мүн.) калгандыгы көрсөтүлгөн плакаттар;
- жооп барагында тест борборунун номерин, өздүк каттоо номерин жана тест дептеринин номерин кантип боеш керектиги көрсөтүлгөн плакаттар;
- тест тапшыруу аудиториялары, медпункт жана дааратканалардын жайгашкан жерлерди көрсөткөн белгилер ж.б.

Тестирлөө жүргүзүлгөн ар бир жерде медициналык пункт уюштурулуп, коопсуздук кызматкерлери сакчылыкта турушту. Өзгөчө билим берүү муктаждыктары бар ( сокур жана жакшы көрбөгөн) мектеп-интернаттардан келген тесттин катышуучулары үчүн ББОУБ өзүнчө тест борборун уюштуруп, тестти өткөрөт.

Абитуриенттер тестке кирүү талону жана паспорту бар болгондо гана тест тапшырууга киргизилип жатты. Эгерде абитуриент паспорт ала элек болсо, милдеттүү түрдө анын жанында туулгандыгы тууралуу күбөлүк жана мектептен же паспорт столунан алынган абитуриенттин сүрөтү чапталган справканын болушу керек эле. Каттоодон өткөн абитуриенттин дал өзү тест тапшырганы келгендиги шексиз болгондо гана, администраторлор аны тестке киргизип жатты.



Тест башталардан мурун ар бир аудиторияда администратордун сөзү окулуп, анда кеңири тестке байланыштуу көрсөтмөлөр берилген. Тестирлөө эрежелерин

абитуриенттер тест башталар алдында дагы бир жолу өз тест дептерлеринен окуй алышкан. Тест тапшыруучулар бирдей шартта болуп, эч биринин тестирлөө учурунда эч кандай артыкчылыгы болбосун үчүн, абитуриенттердин баары тест аткаруунун бирдей эрежелерин катуу сактоого тийиш болгон.

Суроолор келип чыкканда абитуриент кол көтөрүп, администратор анын жанына барган. Бирок абитуриент тесттин мазмунуна байланыштуу суроолорду бербей, жана тапшырманы аткарууга жардамдашууну сурабаш керек болгон. Администратордун тест мазмуну боюнча бир дагы суроого жооп берүүгө укугу жок болгон. Эгерде абитуриент суроонун туура жообу жок деп эсептесе же анын тесттин мазмуну боюнча кандайдыр башка сын пикири болсо, анда тестирлөө бүтүп, жооп жазуу барактары тапшырылгандан кийин ага тактык эмес жана каталар боюнча атайын форманы толтурууга мүмкүнчүлүк берилип, ал өз сын пикирин ошол формага жаза алган.

Тестирлөө эрежелерин бир нече ирет бузгандыгы үчүн абитуриент тесттен чыгарылат. Эгерде абитуриент эрежени одоно түрдө бузган (алдын ала даяр жооптор жазылган кагазды ала кирген, жанында кол телефон болгон) учурларда, ал тесттен дароо четтетилген. Эреженин бул түрү туурасында абитуриенттер тесттин башталышына чейин кабардар кылынган. Андан тышкары, ар бир тест борборунда жана тест аудиториясында тестирлөө учурунда уруксат болбогон нерселердин тизмеси белгиленген плакаттар илинип турган.

2011-жылы тесттен четтетүүнүн эң көп учураган себептери – уюлдук телефон менен байланышкан учурлар жана “каскадерлук” – катталган абитуриенттин ордуна башка адам келип тест тапшырган учурлар болгон. Бул учурлардын эң эле кайгылуусу – эрежелерди бузуу ата-энелердин катышуусу менен катталып жатканы, жана айрым абитуриенттер үчүн тестти жогорку окуу жайлардын гранттык бөлүмдөрүнүн студенттери тапшыргандыгы. ББОУБ Кыргыз мамлекеттик медициналык Академиясынын студенттери катышкан “каскадерлук” менен тогуз учурду аныктады. Мындай учурлар тест тапшыруу эрежелер боюнча паспорту жок болгон абитуриенттер окуган жеринен абитуриенттин сүрөтү чапталган справка алып келип, туулагандыгы тууралуу күбөлүк менен катоодон өтүүгө болгондугу менен байланышкан. Таза эмес жол менен тесттин жыйынтыктарын алгысы келген абитуриенттер дал ушул мүмкүнчүлүк менен колдонушкан. Паспортторун көрсөтпөй туруп, андай адамдар жасалма справкалар менен же болбосо сүрөтү чапталбаган справкалар менен каттодон өтүшөт. Бул көйгөйдү чечүүнүн жолу - тест тапшыруу эрежелерине эгерде абитуриент 16 жашка чыкса, анда милдеттүү түрдө паспорт менен катоодон өтүү керек деген пункту киргизүү болот эле. Бул норманы кабыл алуу башка абитуриенттин ордуна тест тапшырууга аракет кылган адамдардын санын кескин түрдө азайтат эле.

Тест борборлорунда атайын окуудан өткөн гана администраторлор иштеген. Төмөнкү берилген 3-таблицада 2003-2011 жылдардагы тест борборлорунун жана тесттин администраторлорунун саны тууралуу маалымат берилген.

Таблицада берилгендей, Жалпы Республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары мамлекеттик жогорку окуу жайлардын күндүзгү (бюджеттик да, контракттык да)бөлүмдөрүнө кабыл алуу үчүн милдеттүү түрдө керектигине байланыштуу 2011-жылы тест борборлорунун саны көбөйүп, аны менен бирге тест администраторлордун да санынын көбөйүшүнө түрткү болду.

Таблица 3.

| Жылдар | Тест администраторлорунун саны | Тест борборлорунун саны |
|---|---|---|
| 2003 | 830 | 83 |
| 2004 | 369 | 42 |
| 2005 | 368 | 89 |
| 2006 | 335 | 91 |
| 2007 | 399 | 89 |
| 2008 | 372 | 88 |
| 2009 | 356 | 88 |
| 2010 | 358 | 79 |
| 2011 | 507 | 94 |

Атайын окууга киришүүдөн мурда администраторлор жыл бою өткөрүлүүчү көп баскычтуу ачык конкурстук тандоодон өтүштү. Бардыгы болуп тандалып, атайын тренингдеги окутуудан 600 администраторлор жана 35 администраторлордун командасынын лидерлери өтүштү.

## 9. Кабыл алуу процесси

2011-жылы, акыркы жылдардагыдай эле, мамлекеттик ЖОЖдорго 5705 гранттык орун бөлүнүп берилген. Адаттагыдай эле, бардык мектептер 4 категорияга: Бишкектеги мектептер, чакан шаарлар менен областтык борборлордогу мектептер, айылдардагы мектептер жана тоолуу аймактардагы мектептерге бөлүнгөн. Ар бир категориядагыларга өзүнчө түстөгү сертификаттар берилет. Сыя түс тоолуу аймактарга, сары түс айылдык мектептерге, көгүш түс кичи шаарлар жана областтык борборлордогу мектептерге ал эми кызыл түс Бишкектин мектептерине берилет. Кабыл алуу учурунда орундар ар бир категориядагы мектептерден келген абитуриенттер тапшырган талондордун пропорционалдуулугуна жараша бөлүштүрүлөт. Кайсы категориянын өкүлдөрү көбүрөөк болсо, аларга көбүрөөк орун бөлүнөт.

*Кабыл алууда атайын формула киргизилип, мектептерди аймактарга бөлүп, айылдык окуучуларга көбүрөөк квота алууга мүмкүнчүлүк берген белгилүү пропорция сакталат. Жалпы республикалык тестирлөө гранттык орундарга кабыл алуу үчүн конкурсту өткөрүүдө коррупциялык көрүнүштөрдү азайтууга мүмкүнчүлүк берет.*

**Садыков Канат Жалилович**

КР Билим берүү жана илим министири

Айыл мектептеринин бүтүрүүчүлөрүнүн пайызы жогору (50,5%) Алардын Жалпы республикалык тестирлөөгө катышуусунун пайзы да дал эле ошондой (50,5%). Жалпы республикалык тест жашаган жерине карабастан, ар бир абитуриенттин ЖОЖдо окууга болгон жөндөмүн аныктай алат.



Кыргыз Республикасынын Президенти Отунбаева Роза Исаковна
“Алтын сертификат” алган эң мыкты абитуриенттерди сыйлоо урматында.

Төмөндө берилген диаграммада 2011-жылдагы кабыл алуунун жыйынтыгында ар бир категориядагылардын пропорционалдуу болгонун көрсөтөт.

**2011-жылдагы Жалпы республикалык тестирлөөгө катышкан жана КР ЖОЖдорунун гранттык орундарына кабыл алынган абитуриенттердин бөлүнүшү ( %)**




**2011-жылдагы Жалпы республикалык тестке катышкандардын жана кабыл алынган абитуриенттердин мектеп категорияларына жараша бөлүштүрүлүшү**

| | тестирлөөгө катышкандардын саны | КР ЖОЖдорундагы гранттык орундарга кабыл алынгандардын саны |
|---|---|---|
| айыл мектептеринин бүтүрүүчүлөрү | 19914 | 2063 |
| бийик тоолуу аймактагы мектептердин бүтүрүүчүлөрү | 5433 | 819 |
| областтык борборлор жана чакан шаарлардагы мектептердин бүтүрүүчүлөрү | 5861 | 578 |
| Бишкек шаарынын мектептеринин бүтүрүүчүлөрү | 8290 | 631 |
| башка категориялар * | 27 | 1 |
| КР боюнча жалпы | 39525 | 4092 |

* - РФ, РК, ТР мектептеринен келген же мектебин туура эмес көрсөткөн бүтүрүүчүлөр

**Кабыл алынгандардын диаграммасы тестке катышкандардын диаграммасына окшош. Бул жерде гранттык орундарга кабыл алынгандардын көрсөткүчү берилген.**

2011 жылы Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан сынакка кирүү балл катары гранттык орундарга – 110 балл, ал эми контракттык бөлүмдөргө 100 балл болуп белгиленген. Жогоруда жазылгандай, ЖОЖдорго өтүү үчүн сөзсүз түрдө бирден кем эмес предметтик (медициналык адистиктерге – эки) тестти тапшыруу керек. Адистиктердин тизмеси жана алар үчүн тапшырылуучу предметтик тесттер Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан аныкталган.

Кабыл алуу иш-аракеттери ар бир университеттин ректорунун жетекчилиги алдында түзүлгөн гранттык комиссия тарабынан жүргүзүлөт. Комиссияга КР Адилет министирлиги жана КРнын Билим берүү жана илим министирлигинин өкүлдөрү да кирет. Кабыл алуу иши, КРнын мамлекеттик кадр кызматына караштуу коррупцияны алдын алуу боюнча Агенттиги, ата-энелер жана абитуриенттер тарабынан көзөмөлгө алынат. Бул конкурстун жана кабыл алуунун ачык өтүшүнөн улам болот.

Конкурс учурунда абитуриенттер өз каалоосу боюнча талондорун атайын даярдалган урналарга салышып, каттоо журналына жазылышат. Күн сайын эртең менен ар бир категория боюнча катталган абитуриенттердин каттоо номерлери жана упайлары жазылган тизме илинет. Бул тизме каттоо журналынын негизинде түзүлөт.

Талон салынган урналар конкурстун ар бир туру аяктаганда гранттык комиссиянын катышуусу менен ачылат. Гранттык орундардын толтурулуш динамикасына жараша, турлардын саны бирден үчкө чейин болушу мүмкүн. Толтурулбаган же абитуриенттер тарабынан (документтерин тапшыруу аркылуу) тастыкталбаган орундар кийинки турга калтырылат. Конкурстун мөөнөтү бүткөндө гранттык комиссия эң жогорку балл алып, кабыл алынган абитуриенттердин тизмесин баллдарын тастыктоо үчүн ББОУБга жиберет. Борбор тарабынан тастыкталган тизмелер илингенден кийин абитуриенттер керектүү документтерин тапшырып, студенттердин катарына кошулат.

> *ЖРТнын тапшырмалары фактыларды жаттоого эмес, билимди пайдаланууга багыталганын ата-энелер да түшүнүп калды. Азыркы учурда тест тапшырмаларынын жоопторун сатып алам деген ата-энелер азайып калды, анткени алар бул системаны таза жана ачык экенине ишенип, балдарын окууга, сабактарга даярданууга багытташат. Окуу жылынын башында эле ата-энелер сарсана болуп, күтүп ,тесттин болоорун сурашат. ЖРТнын процедуралары өтө катуу, бирок ошол эле учурда алар акыйкат жана ар бир абитуриенттин жашаган жерине жана социалдык статусуна карабастан бирдей.*
>
> **Маткасымова Айзада Карыбековна**
> Ош облусунун Араван айылынын А. Навои атындагы орто мектебинин директору.

Жыл сайын ББОУБда Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктарын талдоо иши жүргүзүлүп, анда абитуриенттердин саны, алардын тестирлөөнүн тилине жараша мектеп категориялары боюнча бөлүштүрүлүшү, областтардагы тестирлөөнүн жыйынтыктары, ЖОЖдордун гранттык орундарына кабыл алынган абитуриенттердин бөлүштүрүлүшү жана гранттык орундар үчүн жүргүзүлгөн конкурстардын жыйынтыгында белгилүү болгон ЖОЖдордун рейтинги жөнүндө маалыматтар берилет. Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары жөнүндө «Кыргыз Республикасында 2003-жылы өткөрүлгөн Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктарын талдоо: Биринчи сереп», «2004-жылдагы Жалпы республикалык тестирлөө жана Кыргыз Республикасынын ЖОЖдоруна кабыл алуу процесси» жана «2002-2005-жылдардагы тест», «2006-2011-жылдардагы Жалпы республикалык тестирлөө жана КР ЖОЖдорунун гранттык орундарына кабыл алуу» деп аталган отчёттордон кеңири маалымат алууга болот. Отчёттордун бардыгын **www.testing.kg** сайтынан табууга болот.

2011-жылдагы тестирлөөнүн жыйынтыгына өтүүдөн мурда тестирлөөнүн жыйынтыктарын билим берүүнүн сапатын баалоо үчүн колдонбоону сунуштайбыз. Мунун себептери төмөндөгүчө:

- **Тест бүтүрүүчүнүн мектеп программасы боюнча даярдыгынын деңгээлин эмес, анын ЖОЖдо окуй ала турганын далилдеген жеке жөндөм жана көндүмдөрүн көрсөтөт.**
- **Тест жыйынтыктарын мектептин ийгилигин чагылдырган көрсөткүч катары карасак, анда мектептеги иш-аракеттердин үзүрдүүлүгүнө таасир берген башка факторлор эске алынбай калат (социалдык-экономикалык, каржылоо деңгээли, физикалык инфраструктурасы ж.б.у.с.)**
- **Мектептин ишинин акыркы жыйынтыгын баалоо окуучулардын алгачкы деңгээлинин айырмачылыгын эске албайт. Бирок, алардын алгачкы деңгээли тесттин жыйынтыгына таасир бербей койбойт.**
- **Мугалимдер тест программасына кирбеген предметтерге көңүл бурбай, «тест үчүн гана окутууну» башташы мүмкүн.**

- **Тесттин жыйынтыгына гана көңүл бурулуп, башка маанилүү көрсөткүчтөр (психологиялык абал, баланын өз күчүнө ишеними ж.б.) унутулуп калышы мүмкүн.**
- **Эгер тесттин жыйынтыктары боюнча жалпы мектептин иши бааланса, анда, мектепте «орто окуган» балдарга көбүрөөк көңүл бурулуп, ал эми күчтүү балдар же тескерисинче, начар окуган балдардын окуусуна терс таасирин тийгизиши мүкүн.**
- **Жогору жана төмөн көрсөткүчтөргө ээ болгон мектептердин ортосунда теңсиздик пайда болушу мүмкүн. Бул да өз кезегинде төмөн көрсөткүчкө ээ болуп калган мектептин окуучуларынын жана мугалимдеринин моралдык абалына жана умтулуусуна терс таасир бериши мүмкүн.**

Натыйжада, мектептердин көрсөткүчүн жана берген билиминин сапатын аныктоодо өтө кылдат болуу зарыл.

Билим берүүнүн сапатын баалоо үчүн ББОУБ КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин заказы аркылуу «Элеттик билим берүү» долбоорунун алкагында Дүйнөлүк банктын колдоосу менен «Окуучулардын билим жетишкендиктерин улуттук баалоо» аттуу иликтөөсүн жүргүзгөн. Бул иликтөө 2007, 2009-жылдары ишке ашырылган. Иликтөөнүн 2008, 2010 жж. жыйынтыктары менен «Окуучулардын билим жетишкендиктерин улуттук баалоо» аттуу билдирүүдөн таанышууга болот. Жарыяланган иликтөөнүн негизги жыйынтыктары (кыскартылган варианты) боюнча билдирүү жана толук отчёт менен ББОУБнун (www.testing.kg)сайтынан тааныша аласыздар.

## 10. 2011-жылдагы Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктары

**Талапкерлердин санынын негизги тестте алган баллдарына жараша бөлүштүрүлүшү**




Жогоруда берилген гистограмма абитуриенттердин негизги тест боюнча топтогон баллдарына жараша бөлүштүрүлүшүн көрсөтөт.

Тесттин максаты ЖОЖдордо билим алууга жөндөмдүү балдарды аныктоо болгондуктан, гистограмманын оң жагы жантайыраак келет, т.а. орто жана ортодон жогорку көрсөткүчкө ээ болгон абитуриенттерди өтө кылдат бөлүштүрөт.

2011-жылы орточо балл 111.3 баллды, ал эми эң жогорку балл 237 баллды түздү. Эң жогорку балл алган абитуриент тесттин суроолорунун баарына толук туура жооп бергендигинен кабар бербейт.

"2011-жылдагы Жалпы республикалык тестирлөөгө катышкан жана КР ЖОЖдорунун гранттык орундарына кабыл алынган абитуриенттердин бөлүнүшү" аттуу диаграммада көрүнүп тургандай, абитуриенттердин 50.5 % пайызын айылдык мектептердин бүтүрүүчүлөрү, 20 % пайызын бийик тоолуу аймактардагы мектептердин бүтүрүүчүлөрү, 15.4 пайызын Бишкек шаарындагы

мектептердин, ал эми 14.1% областтык борборлор жана чакан шаарлардагы мектептердин бүтүрүүчүлөрү түзгөн.

Төмөндө берилген 4-таблицада тестирлөө тилине[1] жараша жана жалпысынан бөлүштүрүлүшү, тест баллдарынын орточо көрсөткүчү, стандарттык четтөөсү, Альфа Кронбахтын туруктуулук коэффиценти (тест жыйынтыгынын кайталанышы, коэффиценти 0,70 барабар болгон тест туруктуу деп эсептелет) көрсөтүлгөн.

4-таблица

| тестирлөө тили | окуучулар-дын саны | тесттик баллдын орточо көрсөткүчү | тесттик баллдын стандарттык четтөөсү | Альфа Кронбахтын туруктуулук коэффиценти |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 24527 | 101.8 | 25.8 | 0.89 |
| Орус | 13924 | 128.7 | 36.3 | 0.95 |
| Өзбек | 1074 | 101.2 | 21.0 | 0.82 |
| Республика боюнча | 39525 | 111.3 | 32.5 | 0.93 |

**I тиркемеде** тест баллдарынын орточо мааниси жана 2011-жылдагы негизги жана предметтик Жалпы республикалык тестирлөөнүн КРын областтары боюнча жыйынтыктары бөлүштүрүлгөн гистограммалары берилген.

Абитуриенттердин 2002-2011-жылдардагы тесттердин бөлүмдөрү боюнча көрсөткөн жыйынтыктарын иликтегенибизде гуманитардык илимдерге жана тилге жакын болгондордун математикага, ал эми тескерисинче, математикага шыктуулардын гуманитардык илимдерди жакшы өздөштүрүүгө шыгы жок деген ой-пикирлерди жокко чыгарды. ЖРТнын жыйынтыгы бир эле абитуриенттин тесттердин бөлүктөрү боюнча топтогон баллдарынын корреляциясын көрсөтүп турат. Математикалык жана вербалдык бөлүктөрдүн ортосундагы чоң айырма аз кездешет.

## Предметтик тесттердин жыйынтыктары

2003-жылдан баштап, айрым ЖОЖдор (ЖОЖдордогу айрым факультеттер) Жалпы республикалык тест менен бирге предметтик тесттерди да уюштурууну талап кылышкан. Предметтик тесттер химия, биология, англис жана немис тилдери боюнча жүргүзүлүп келген. 2010 жылы Жалпы республикалык тестирлөөгө кошумча тарых жана физика сабактары боюнча предметтик тесттер киргизилген. 2011-жылы немис тили боюнча предметтик тест өткөрүлбөй калды, себеби немис тилинен предметтик тест тапшырууну каалаган абитуриенттердин саны жылдан жылга азайып, 2010-жылы бул предметтик тестти Кыргызстан боюнча жалаң гана 170 адам тандап алган. Тест тапшыруучулардын аз саны тестти түзүүдөгү каражаттардын кымбаттыгына алып келет, себеби ар бир тестти тапшырган тесттей эле бул тест да көп каражатты талап кылат.

Предметтик тесттердин саны чектелбегендиктен, көпчүлүк абитуриенттер үч предмет боюнча, айрым абитуриенттер төрт-беш предметтик тесттерден күчтөрүн сынап көрүшкөн. Көпчүлүк учурда химия предметинен тест берген абитуриенттер экинчи предмет катары биологияны тандап алышкан. Кээде илимий предметтер менен бирге англис тили тандалган учурлар да бар. Мындан улам, окуучулардын мектепти бүтүрөөр алдында али тандай турган кесибин так аныктай албагандыгын жана предметтик тесттерге бири-болбосо, экинчи бир адистикке өтүп кетүү максатында киргендигин көрүүгө болот. Эгер Медициналык академияга болбосо, тил факультеттерине өтүүгө аракет жасашат.

Жалпысынан алып караганда, предметтик тесттер абитуриенттер үчүн жалпы тесттен да көп кыйынчылыктарды жаратат. Мунун себеби − Кыргызстандын мектептеринде сөз болуп жаткан предметтердин жакшы окутулбагандыгы. Айылдык мектептерде гана эмес, шаардык мектептерде

[1] Тесттин тили менен абитуриенттин улутун айырмалоо керек

да предметтик мугалимдер жетишсиз. Предметтик мугалимдер болгон күндө да, көпчүлүк учурда жетиштүү даражада квалификацияга ээ эмес.
Окутууда эскилиги жеткен китептер колдонулат, мектептерде атайын жабдылган кабинеттер, курал-жабдыктар жана реактивдер жок. Булардын бардыгы окуучуларга терс таасирин тийгизүүдө. Экинчи бир тараптан, мугалимдер окутуунун жаңы интерактивдүү усулдарын билбегендиктен, окуучуларга материалды окутуу жана окуганын айттыруу менен гана чектелүүдө. Булардын бардыгы аталган предметтер боюнча билимдин төмөндөшүнө себеп болууда.

I тиркемедеги гистограмма жана таблицаларда көрүнүп тургандай, 2011-жылы биология предметинен 9288, химия предметинен 6948, англис тилинен 6325, физикадан – 6024, ал эми тарыхтан - 16939 абитуриент тест тапшырган.

**Тестирлөө жыйынтыктарынын гендердик (жыныстык) белгилери боюнча бөлүнүшү**

Азия чөлкөмүндөгү Афганистан, Пакистан сыяктуу аялдардын жогорку билим алуу мүмкүнчүлүгү чектелген мамлекеттерге караганда, Кыргызстанда абал кескин айырмаланат.

2003-2011-жылдардагы маалыматтар − бул көрсөткүчтүн далили. Статистикалык маалыматтарга караганда, өлкөбүздө аялдардын билимдүүлүгү эркектерден жогору. Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктарына кайрылалы. Үстүбүздөгү жылы кыздар жана уландардын тестке катышуусу боюнча маалыматтар болжолу менен өткөн жылдарга окшош (II тиркемени караңыз): бул жылы тестке киргендердин 22440 кыздар, ал эми 17086 уландар. Гранттык орундарга кабыл алынгандардын 2514 кыздар, ал эми 1578 уландар. Өткөн жылдардагы көрсөткүчтөр да буларга окшош.

Эгер негизги тестти тапшыруудагы ийгиликтер жөнүндө сөз кыла турган болсок, анда II тиркемеде өткөн жылдары жалпы тестке кирген кыздардын орточо баллы (114.3), уландардыкына (107.3) караганда жогору болгонун көрүүгө болот. Ошондой болсо да, гранттык орундарга алынган кыздар(138.3) менен балдардын (137.0) орточо баллдары окшош. Уландар «математиканы» кыздарга караганда жакшыраак тапшырышса, кыздар «окуп түшүнүү» жана «эне тилди» уландарга караганда жакшыраак тапшырышат. Жалпы республикалык тестирлөөдө бул көрсөткүч жыл сайын аз гана өзгөрүүлөр менен кайталанып келүүдө.

**Абитуриенттерди КРнын жогорку окуу жайлардагы гранттык жана контракттык орундарга кабыл алуунун жыйынтыктары.**[2]

2011-жылы ЖОЖдорго кабыл алуу процесси мурунку жылдардагы бардык алгылыктуу сапаттарын сактап калды. Алар:

- абитуриенттин бир нече окуу жайын тандоо мүмкүнчүлүгү;
- кабыл алуу процессин көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгү,
- абитуриенттердин ЖОЖдордогу гранттык комиссия тарабынан ачык конкурс менен кабыл алынышы ж.б.

2006-жылы резервдик тизмелер колдонуудан чыгарылса, 2007-жылы резервдик фонд жоюлган. 2004 жана 2005-жылдары, эгер абитуриент өткөн адистик боюнча билим алууну каалагандыгын тастыктабаса, анда анын ордуна ранжирленген резервдик тизмеде эң жогорку баллга ээ болгон абитуриент көтөрүлгөн. 2006-жылдан тартып, бош калган орун кийинки турга калтырылып, ага жалпы негизде конкурс өткөрүлгөн. КР Билим берүү жана илим министирлиги тарабынан бөлүнгөн резервдик орундар жыл сайын азайтылып, натыйжада, 2007-жылы толугу менен жоюлган. Бул өзгөртүү резервдик тизмедеги абитуриенттерди кабыл алуунун ачык жүрбөгөндүгүнөн, жана жер-жерлерде бул абал кыянаттык мен пайдаланылгандыгынан улам зарыл болгон.

КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан белгиленген кирүү баллынын төмөнкү чеги 2011-жылы жалпы тест үчүн грантык орундарга-110 баллды, контракттык орундарга 100 баллды түздү. Ал эми предметтик тесттер үчүн: физика предмети боюнча - 60 баллды, жана калган предметтик тестер үчүн (химия, биология, англис тили, тарых) – 65 баллды түздү.

[2] ЖОЖдорго кабыл алуу эрежелери менен Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан 2006-жылынын 2-июнунда бекитилген №404 «Мамлекеттик билим берүү гаранттары жөнүндө токтомдон» таанышууга болот.

Кыргызстандагы ЖОЖдордун гранттык орундарына кабыл алуунун жыйынтыктары менен отчёттун III – VI тиркемелеринен кененирээк таанышууга болот.

Билимди баалоо жана окутуу усулдары борбору тест өткөрүүдө кызматташ жана көмөкчү болгон КР Билим берүү жана илим министирлигине, областтык жана аймактык билим берүү башкармалыктарына, райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрүнө жана мектеп директорлоруна терең ыраазычылык билдирет. Долбоордун жааматы мамлекеттик билим берүү грантын алган баардык студенттерге окуусунда ийгиликтерди жана кызыктуу студенттик турмушту өткөрүүнү каалайт.

Долбоор АКШнын Эл аралык өнүгүү боюнча агентствосунун каржылоосу менен Эл аралык билим берүү Америкалык Кеңештери тарабынан ишке ашырылат.
Проект финансируется Агентством США по международному развитию и осуществляется Американскими советами по международному образованию.

# I - тиркеме

## Кыргыз Республикасынын областтары боюнча 2011-жылдагы Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгынын гистограммалары.

## Кыргыз Республикасы
## 2011 - жылдагы Жалпы республикалык тестирлөө.

### Кыргыз Республикасы

Жалпы республикалык тестирлөөгө катышуу

| тестирлөө тили | тестирлөөгө катышкан-дардын саны | тест баллдары-нын орточо көрсөткүчү | тест баллдары-нын стандарттык чектөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициенттинин туруктуулугу |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 24527 | 101.8 | 25.8 | 0.89 |
| Орус | 13924 | 128.7 | 36.3 | 0.95 |
| Өзбек | 1074 | 101.2 | 21.0 | 0.82 |
| Баардыгы: | 39525 | 111.3 | 32.5 | 0.93 |

КРнын гранттык орундарына кабыл алуу

| тестирлөө тили | тестирлөөгө катышкан-дардын саны | тест баллдары-нын орточо көрсөткүчү |
|---|---|---|
| Кыргыз | 3081 | 129.2 |
| Орус | 1315 | 154.0 |
| Өзбек | 130 | 124.5 |
| Баардыгы: | 4526 | 136.3 |

**Абитуриентердин негизги тест боюнча топтогон баллдарынын суммасына жараша бөлүнүшү**




**Топтолгон баллдар**

### Баткен областы

Жалпы республикалык тестирлөөгө катышуу

| тестирлөө тили | тестирлөөгө катышкан-дардын саны | тест баллдары-нын орточо көрсөткүчү | тест баллдары-нын стандарттык чектөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициенти-нин туруктуулугу |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 2721 | 100.3 | 27.2 | 0.89 |
| Орус | 324 | 114.4 | 32.6 | 0.95 |
| Өзбек | 197 | 104.8 | 20.2 | 0.82 |
| Баардыгы: | 3242 | 102.0 | 27.8 | 0.93 |

КРнын гранттык орундарына кабыл алуу

| тестирлөө тили | гранттык орундарга кабыл алынгандар-дын саны | тест баллдары-нын орточо көрсөткүчү |
|---|---|---|
| Кыргыз | 352 | 134.1 |
| Орус | 24 | 151.5 |
| Өзбек | 35 | 120.6 |
| Баардыгы: | 411 | 134.0 |

**Абитуриентердин негизги тест боюнча топтогон баллдарынын суммасына жараша бөлүнүшү**




**топтолгон баллдар**

## Кыргыз Республикасы
## 2011 - жылдагы Жалпы республикалык тестирлөө.

### Бишкек ш.

Жалпы республикалык тестирлөөгө катышуу

| тестирлөө тили | тестирлөөгө катышкан-дардын саны | тест баллдары-нын орточо көрсөткүчү | тест баллдары-нын стандарттык чектөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициенти-нин туруктуулугу |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 2422 | 109.6 | 27.9 | 0.89 |
| Орус | 6387 | 137.9 | 37.1 | 0.95 |
| Өзбек | 2 | 70.5 | 0.7 | 0.82 |
| Баардыгы: | 8811 | 130.1 | 37.0 | 0.93 |

КРнын гранттык орундарына кабыл алуу

| тестирлөө тили | гранттык орундарга кабыл алынгандар-дын саны | тест баллдары-нын орточо көрсөткүчү |
|---|---|---|
| Кыргыз | 158 | 135.3 |
| Орус | 525 | 162.7 |
| Баардыгы: | 683 | 156.3 |

**Абитуриентердин негизги тест боюнча топтогон баллдарынын суммасына жараша бөлүнүшү**




### Ош ш.

Жалпы республикалык тестирлөөгө катышуу

| тестирлөө тили | тестирлөөгө катышкан-дардын саны | тест баллдары-нын орточо көрсөткүчү | тест баллдары-нын стандарттык чектөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициенти-нин туруктуулугу |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 672 | 109.2 | 30.4 | 0.89 |
| Орус | 575 | 132.9 | 35.5 | 0.95 |
| Өзбек | 145 | 100.1 | 21.3 | 0.82 |
| Баардыгы: | 1392 | 118.1 | 34.3 | 0.93 |

КРнын гранттык орундарына кабыл алуу

| тестирлөө тили | гранттык орундарга кабыл алынгандар-дын саны | тест баллдары-нын орточо көрсөткүчү |
|---|---|---|
| Кыргыз | 97 | 131.2 |
| Орус | 88 | 152.6 |
| Өзбек | 14 | 122.0 |
| Баардыгы: | 199 | 140.0 |

**Абитуриентердин негизги тест боюнча топтогон баллдарынын суммасына жараша бөлүнүшү**



## Кыргыз Республикасы
## 2011 - жылдагы Жалпы республикалык тестирлөө.

### Жалалабат областы

Жалпы республикалык тестирлөөгө катышуу

| тестирлөө тили | тестирлөөгө катышкан-дардын саны | тест баллдары-нын орточо көрсөткүчү | тест баллдары-нын стандарттык чектөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициенти-нин туруктуулугу |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 4721 | 101.6 | 24.7 | 0.89 |
| Орус | 885 | 120.2 | 34.9 | 0.95 |
| Өзбек | 266 | 104.8 | 21.2 | 0.82 |
| Баардыгы: | 5872 | 104.5 | 27.2 | 0.93 |

КРнын гранттык орундарына кабыл алуу

| тестирлөө тили | гранттык орундарга кабыл алынгандар-дын саны | тест баллдары-нын орточо көрсөткүчү |
|---|---|---|
| Кыргыз | 586 | 128.5 |
| Орус | 78 | 148.5 |
| Өзбек | 36 | 130.4 |
| Баардыгы: | 700 | 130.8 |

**Абитуриентердин негизги тест боюнча топтогон баллдарынын суммасына жараша бөлүнүшү**




### Ыссык-Көл областы

Жалпы республикалык тестирлөөгө катышуу

| тестирлөө тили | тестирлөөгө катышкан-дардын саны | тест баллдары-нын орточо көрсөткүчү | тест баллдары-нын стандарттык чектөөсү | Альфа Кронбаханын коэффициенти-нин туруктуулугу |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз | 2917 | 104.2 | 25.8 | 0.89 |
| Орус | 1408 | 124.0 | 34.6 | 0.95 |
| Баардыгы: | 4325 | 110.6 | 30.4 | 0.93 |

КРнын гранттык орундарына кабыл алуу

